# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

1998-жылдын 14-январы № 6

## Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө

*(КР 1999-жылдын 6-ноябрындагы № 120, 2001-жылдын 20-июнундагы № 54, 2003-жылдын 27-февралындагы № 46, 2004-жылдын 11-майындагы № 57, 2008-жылдын 5-августундагы № 197, 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2014-жылдын 21-январындагы № 14, 2017-жылдын 9-мартындагы № 42, 2020-жылдын 23-мартындагы № 29, 2021-жылдын 24-майындагы № 69, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

### I бөлүм
### Жалпы жоболор

**1-статья. Жөнгө салуу мамилелери**

Ушул Мыйзам илим, адабият жана искусство чыгармаларын (автордук укук), электрондук эсептөө машиналары үчүн программаларды жана маалыматтар базаларын, фонограммаларды, аткарууларды, коюлган оюндарды, эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдарынын берүүлөрүн (чектеш укуктар) жаратууга жана пайдаланууга байланыштуу келип чыккан мамилелерди жөнгө салат.

*(КР 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-статья. Кыргыз Республикасынын автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө мыйзамдары**

1. Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинен, ушул Мыйзамдан, жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

2. Эгерде Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимде ушул Мыйзамда камтылгандан башка нормалар белгиленсе, эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**3-статья. Автордук укукту жана чектеш укуктарды коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салуу**

1. Автордук укукту жана чектеш укуктарды коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик жөнгө салууну Интеллектуалдык менчик жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары - ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган) жүзөгө ашырат.

2. Интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган автордук жана чектеш укук мамилелери чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкарууну жүзөгө ашырат, илим, адабият жана искусство жаатында чыгармачылыкты өнүктүрүү, авторлордун жана чектеш укуктардын ээлеринин толук укуктуулугун, анын ичинде сотко кайрылууга, автордук укуктарды пайдалануу жөнүндө келишимдерди түзүү укуктарын ишке ашыруу үчүн укуктук шарттарды түзүүгө көмөктөшөт, ошондой эле автордук сый акыны чогултууну жана төлөп берүүнү жүзөгө ашырат.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын негизги милдеттери аткарган кызматтары жана ыйгарым укуктары ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик актылары менен аныкталат.

*(Абзац КР 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

3. Кыргыз Республикасынын маданиятын өнүктүрүү жана авторлордун чыгармачылык ишине көмөк көрсөтүү максатында Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик фонд түзүлөт. Интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик фонд тууралу Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

*(КР 2003-жылдын 27-февралындагы № 46, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**4-статья. Негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөндө көрсөтүлгөн терминдер төмөнкүдөй маанилерге ээ:

1) **автор** - чыгармачыл эмгеги менен чыгарма жараткан жеке жак;

2) **аудиовизуалдык чыгарма** - тийиштүү техникалык түзүлүштөрдүн жардамы менен көрүүгө жана угууга (үн менен коштолгон учурда) арналган кадрлардын өз ара байланышкан (үн менен коштолгон же коштолбогон) белгиленген сериясынан турган чыгарма; аудиовизуалдык чыгармалар кинематографиялык чыгармаларды жана кинематографиялык каражаттарга окшош каражаттар аркылуу көрсөтүлгөн бардык чыгармаларды (теле- жана видеофильмдер, диафильмдер менен слайд-фильмдер жана ушул сыяктуу чыгармалар) алардын алгачкы же андан кийинки түшүрүлгөн ыкмаларына карабастан, өзүнө камтыйт;

3) **маалыматтар базасы** - маалыматтардын (макалалардын, эсептөөлөрдүн жана ушул сыяктуулардын) жыйындысын электрондук эсептөө машинасынын (мындан ары - ЭЭМ) жардамы аркылуу бул маалыматтар табылгыдай жана иштетилгидей түрдө иретке келтирилген берүүнүн жана уюштуруунун объективдүү формасы;

4) **бенефициар** - төмөнкүдөй адам:

а) азиз болуп саналган;

б) көрүүсү бузулган же болбосо тексттик чыгарманы көрүп кабыл алуу кудуретинин бузулушу же чектелүүсү жок болгон адамдын көрүү функциясына көрүү функциясына эквиваленттүү боло турган өлчөмдө оңдоого мүмкүн болбогон көрүп кабыл алуу же окуу жөндөмдүүлүгү чектелген;

в) кандайдыр-бир дарттардын өзгөчөлүктөрүнөн улам китепти пайдалана албаган же аны пайдалануу абалында болбогон же болбосо кайсы гана болбосун башка бузулууларга карабастан китеп окуу үчүн адатта алгылыктуу даражада көзүн бир жерге токтото албаган же көздөрүн кыймылдата албаган;

5) **чыгарманы кайра чыгаруу** - чыгарманын же анын бир бөлүгүнүн бир же андан ашык нускаларын кандай гана болбосун материалдык формада, анын ичинде үн жана видео жазуу түрүндө даярдоо, эки өлчөмдүү чыгарманын бир же андан көп нускасын үч өлчөмдө жана үч өлчөмдүү чыгарманын бир же андан көп нускасын эки өлчөмдө даярдоо; чыгарманы ЭЭМдин эстутумуна жазуу да кайра чыгаруу болуп саналат;

6) **фонограмманы кайра чыгаруу** - фонограмманын же анын бир бөлүгүнүн бир же андан көп нускасын ар кандай материалдык алып жүрүүчүдө даярдоо;

7) **ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын кайра чыгаруу** - ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын бир же андан көп нускасын ар кандай материалдык формада даярдоо, ошондой эле аларды ЭЭМдин эстутумуна жазуу;

8) **ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын жарыкка чыгаруу (жарыялоо)** - ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын нускаларын жактардын белгисиз чөйрөсүнө автордун макулдугу менен (анын ичинде ЭЭМдин эстутумуна жазуу жана басма текстти чыгаруу жолу менен) берүү;

9) **ЭЭМ үчүн программаны декомпиляциялоо** - ЭЭМ үчүн программанын түзүмүн изилдөө жана код коюу максатында объекттик кодду баштапкы текстке өзгөртүп түзүүнү камтуучу техникалык ыкма;

10) **жазуу** - техникалык каражаттардын жардамы менен үндөрдү жана (же) сүрөттөрдү бир нече жолу кабылдоону, кайра көчүрүүнү же кабарлоону жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берүүчү кандайдыр-бир материалдык формада белгилөө;

11) **аудиовизуалдык чыгарманы даярдоочу** - аудиовизуалдык чыгарманы даярдап чыгаруу үчүн демилгени жана жоопкерчиликти өзүнө алган жеке же юридикалык жак, мында ушул жак аны иш жүзүндө даярдоого, же болбосо ага заказ берип, анын чыгарылышын төлөп берүүгө тийиш; башка далилдер болбосо ал чыгармада ысымы же аталышы демейки түрдө көрсөтүлгөн жеке же юридикалык жак аудиовизуалдык чыгарманы даярдоочу болуп саналат;

12) **укуктарды башкаруу жөнүндө маалымат** - автордун, чектеш укук ээсинин же кайсы болбосун башка укук ээсинин ушул Мыйзам менен корголуучу чыгармасын же чектеш укуктар объектин бирдейлештирүүчү, укук ээлери тарабынан берилген кайсы болбосун маалымат же болбосо чыгарманын же чектеш укуктар объектинин нускасында камтылган, мындай чыгарманы же чектеш укуктардын объектин жалпыга жеткирүү үчүн кабарлоого байланыштуу ага

тиркелген же пайда болгон чыгарманы же башка чектеш укуктардын объектин пайдалануунун шарттары жөнүндө маалымат, ошондой эле ушундай маалымат камтылган кайсы болбосун цифралар жана коддор;

13) **аткаруу** - чыгармаларды, фонограммаларды, аткарууларды, коюуларды оюн, декламация, ыр, бий аркылуу түздөн-түз аткаруу же техникалык каражаттардын (телерадиоберүүлөр, кабелдик телекөрсөтүү жана башка техникалык каражаттар) жардамы менен көрсөтүү; аудиовизуалдык чыгармалардын кадрларын алардын өз ыраатында (үн менен коштоп же коштобостон) көрсөтүү;

14) **аткаруучу** - актер, ырчы, музыкант, бийчи же роль аткарган, ырдаган, музыкалык аспапта ойногон же адабият же искусство чыгармаларын (анын ичинде эстрада, цирк же куурчак номерлерин) башкача түрдө аткаруучу башка адам, ошондой эле спектаклдин оюн коюучу режиссеру жана дирижеру;

15) **баштапкы текст** - кандайдыр-бир компилятор менен кайра иштетүүгө дуушар болбогон, кайсы тилде болбосун программалоонун жазылган тексти;

16) **ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын пайдалануу** - аларды жарыкка чыгаруу, кайра чыгаруу, таратуу жана чарбалык жүгүртүүгө (анын ичинде модификациялык формада) киргизүү боюнча башка аракеттер. Жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан ЭЭМ үчүн программада же маалыматтар базасында жарыкка чыгарылган билдирүүлөр жөнүндө берүүсү ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын пайдалануу деп таанылбайт;

17) **контрафактылык нускалар** - даярдалышы жана таратылышы автордук укукту жана чектеш укуктарды бузууга алып келүүчү чыгарманын же фонограмманын нускалары, ошондой эле ушул чыгармалар эч качан корголбогон же корголбой калган өлкөлөрдөн автордук укуктун жана чектеш укуктардын ээлеринин уруксатысыз Кыргыз Республикасына импорттолуп жаткан, Кыргыз Республикасында ушул Мыйзамга ылайык корголуучу чыгармалардын жана фонограммалардын нускалары;

18) **ЭЭМ үчүн программаны компиляциялоо** - ЭЭМ үчүн программанын түзүмүн изилдөө жана ага код коюу максатында баштапкы текстти объекттик кодго өзгөртүп түзүүнү камтуучу техникалык ыкма;

19) **ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын модификациялоо (кайра иштеп чыгуу)** - алардын ыңгайлаштыруу болуп саналбаган кандай болбосун өзгөрүүлөрү;

20) **автордук жана (же) чектеш укуктардын ээси** - автор же аткаруучу мүлктүк укуктарга ээ болгон учурларда, автор же аткаруучу;

а) мүлктүк укуктар өткөрүлүп берилген жеке же юридикалык жак;

б) алгач мүлктүк укуктарга жеке же юридикалык жак ээ болгон учурларда автордон же аткаруучудан башка жеке жак же юридикалык жак;

21) **чыгарманы жалпыга жарыялоо** - автордун макулдугу менен чыгарманы жарыялоо, жалпыга көрсөтүү, эл алдында аткаруу, эфирде берүү аркылуу же башка жол менен жалпыга маалым кылуу үчүн ишке ашырылган алгачкы ирет жалпы элге жеткирүү аракети;

22) **жарыялоо (жарыкка чыгаруу)** - жалпы элдин муктаждыгын канааттандыруу үчүн чыгарманын авторунун, фонограмманы чыгаруучунун макулдугу менен чыгарманын, фонограмманын нускаларын жарыкка чыгаруу. Жарыкка чыгаруу деп ошондой эле чыгармага, фонограммага электрондук маалымат системалары аркылуу жетүү мүмкүнчүлүгү түшүнүлөт;

23) **объекттик код** - баштапкы текстти машиналык кодго өзгөртүп түзүүнүн натыйжасында алынган программа;

24) **эфирге берүү** - чыгармаларды, фонограммаларды, аткарууларды, коюлган оюндарды, эфирдик же кабелдик көрсөтүү уюмдарынын берүүлөрүн аларды радио же телекөрсөтүү (кабелдик телекөрсөтүүнү кошпогондо) аркылуу жалпыга маалымдоо (анын ичинде көрсөтүү же аткаруу) үчүн кабарлоо. Чыгармаларды, фонограммаларды, аткарууларды, коюлган оюндарды, эфирдик же кабелдик көрсөтүү уюмдарынын берүүлөрүн эфирге спутник аркылуу бергенде эфирге берүү деп жердеги станциянын сигналдарын спутникке кабыл алуу жана сигналдары спутниктен берүү түшүнүлөт, алар аркылуу чыгармалар, фонограммалар, аткаруулар, коюлган оюндар, эфирдик же кабелдик уктуруу уюмдарынын берүүлөрү эл аларды иш жүзүндө кабыл алган-албаганына карабастан жалпыга жеткирилиши мүмкүн;

25) **эфирдик же кабелдик көрсөтүү уюмдарынын берүүсү** - эфирдик же кабелдик көрсөтүү уюмунун өзү тарабынан, ошондой эле анын буюртмасы боюнча анын каражатынын эсебинен башка уюмдар тарабынан түзүлгөн берүү;

26) **чыгарманы көрсөтүү** - чыгарманын түп нускасын же нускасын түздөн-түз же экранда пленканын, диапозитивдин, телекөрсөтүү кадрынын же башка техникалык каражаттардын жардамы менен көрсөтүү, ошондой эле аудиовизуалдык чыгарманын айрым кадрларын алардын ырааттуулугун сактабастан көрсөтүү;

27) **автордук жана (же) чектеш укуктарды пайдалануучулар** - автордук укуктун жана чектеш укуктардын объекттерин пайдаланып жаткан ар кандай жеке жана юридикалык жактар;

28) **кийин эфирге берүү** - мурда эфирге берилген чыгармаларды, фонограммаларды, аткарууларды, коюлган оюндарды, эфирдик же кабелдик көрсөтүү уюмдарынын берүүлөрүн кийин эфирге берүү;

29) **ЭЭМ үчүн программа** - белгилүү максатка же натыйжага жетишүү үчүн ЭЭМдин жана башка компьютердик түзүлүштөрдүн иштешине арналган, сөздөр, цифралар, коддор, символдор, белгилер же кандайдыр-бир башка форма аркылуу туюнтулган нускамалардын же эрежелердин жыйындысы;

30) **декоративдик-колдонмо искусствонун чыгармасы** - көркөм өнөр чыгармасын же өнөр жай ыкмасы менен даярдалган чыгарманы кошо эсептегенде, практикалык пайдалануу буюмдарына көчүрүлгөн эки өлчөмдүү же үч өлчөмдүү искусство чыгармасы;

31) **фонограмманы өндүрүүчү** - аткаруунун же башка үндөрдүн алгачкы ирет добушун жазып алуу үчүн демилгени жана жоопкерчиликти өзүнө алган жеке же юридикалык жак, мында ушул жак аны жеке өзү даярдоого же ага заказ берүүгө жана аны даярдоо үчүн акы төлөөгө тийиш; башкасынын далилдери жок болсо, аты же аталышы ошол фонограммада жана (же) ал салынган кутуда демейки ыкма менен белгиленген жеке же юридикалык жак фонограмманы өндүрүүчү катары таанылат;

32) **туунду чыгарма** - башка чыгармага негизделген интеллектуалдык чыгармачылыктын продуктусу (котормо, адаптация, инсценировка, кайра түзүү ж.б.);

33) **жалпыга көрсөтүү, жалпыга жеткирүү үчүн ачык аткаруу же кабарлоо** - эркин кирүү үчүн ачык жерлерде же үй-бүлөнүн демейки чөйрөсүнө таандык болбогон кыйла сандагы адамдар катышкан жерлерде чыгармаларды,

фонограммаларды, аткарууларды, коюлган оюндарды, эфирдик же кабелдик көрсөтүү уюмдарынын берүүлөрүн чыгармалар, фонограммалар, аткаруулар, коюлган оюндар, эфирдик же кабелдик көрсөтүү уюмдарынын берүүлөрү аларды кабарлап жаткан жерде же ошол эле мезгилде чыгармалар, фонограммалар, аткаруулар, коюлган оюндар, эфирдик жана кабелдик көрсөтүү уюмдарынын берүүлөрү башка бир жерде кабыл алынып жатканына же жоктугуна карабастан түздөн-түз же техникалык каражаттардын жардамы аркылуу ар кандай көрсөтүү, аткаруу же кабарлоо;

34) **спектаклди коюучу режиссер** - театр, цирк, куурчак, эстрада же башка спектаклди (оюнду) коюуну ишке ашыруучу адам;

35) **репродукциялоо (репрографиялык кайра чыгаруу)** - фото көчүрмөлөө аркылуу же басып чыгаруудан башка техникалык каражаттардын жардамы менен жазма жана башка графикалык чыгармалардын түп нускаларынын же көчүрмөлөрүнүн бир же андан ашык нускаларын ар кандай өлчөмдө жана формада факсимилдик кайра чыгаруу; репрографиялык кайра чыгаруу көрсөтүлгөн көчүрмөлөрдү электрондук (анын ичинде санариптик), оптикалык же машина окуй турган формасында сактоону же кайра чыгарууну өзүнө камтыбайт;

36) **ретрансляция** - бир көрсөтүү уюмунун берүүсүн башка көрсөтүү уюму тарабынан бир эле мезгилде эфирге (кабель боюнча) берүүсү;

37) **ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын таратуу** - ар кандай материалдык формада кайра чыгарылган ЭЭМ үчүн программага же маалыматтар базасына жетүү мүмкүндүгүн берүү, анын ичинде тармактык жана башка ыкмалар менен, ошондой эле сатуу, прокат, жалдоого тапшыруу, карызга берүү жолдору менен берүү, анын ичинде ар кандай ушундай максаттар үчүн импорттоо;

38) **автордук укукту жана чектеш укуктарды коргоонун техникалык каражаттары** - чыгармаларга же чектеш укуктардын объекттерине жетүүнү контролдоочу, автор, чектеш укуктардын ээси же ушул Мыйзамга ылайык корголуучу чыгармага же чектеш укуктардын объектине карата өзгөчө укуктардын башка ээси тарабынан уруксат берилбеген аракеттерди жүзөгө ашырууну болтурбоочу же чектөөчү ар кандай натыйжалуу техникалык түзүлүштөр же алардын компоненттери;

39) **прокатка (жалдоого) тапшыруу** - түз же кыйыр коммерциялык пайда алуу максатында чыгарманын же фонограмманын нускасын убактылуу пайдаланууга берүү;

40) **билдирүү** - чыгармалар, фонограммалар, аткаруулар, коюлган оюндар, эфирдик же кабелдик уктуруу уюмдарынын берүүлөрү жалпы эл тарабынан иш жүзүндө аларды кабылдоого карабастан, алар аркылуу угууга жана (же) көрүүгө жеткиликтүү болуп кала турган (чыгарманын же фонограмманын нускаларын таратууну кошпогондо) көрсөтүү, аткаруу, эфирге берүү же башка аракеттерди жасоо;

41) **кабель аркылуу жалпыга жеткирүү үчүн билдирүү** - кабелдин, зымдын, оптикалык буланын же ушуларга окшош каражаттардын жардамы менен чыгармаларды, фонограммаларды, аткарууларды, коюлган оюндарды, эфирдик же кабелдик көрсөтүү уюмдарынын берүүлөрүн жалпыга жеткирүү үчүн билдирүү;

42) **фонограмма** - аткаруулардын же башка үндөрдүн ар кандай материалдык алып жүрүүчүдө кабылданышы, кайра чыгарылышы мүмкүн болгон ар кандай бир гана үн жазмасы;

43) **чыгарманын нускасы** - чыгарманын ар кандай материалдык формада даярдалган көчүрмөсү;

44) **фонограмманын нускасы** - фонограммадан түздөн-түз же кыйыр түрдө даярдалган жана ошол фонограммада жазылган үндөрдүн бардыгын же үндөрдүн бир бөлүгүн камтыган фонограмманын ар кандай материалдык алып жүрүүчүдөгү көчүрмөсү;

45) **ыйгарым укуктуу уюм** - бенефициарларга билим берүү, кесиптик окутуу, адаптациялык окуу же маалыматка жетүү жаатында кызмат көрсөтүүлөрдү пайда албастан көрсөтүүгө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан ыйгарым укук берилген уюм. Ыйгарым укуктуу уюмга өз ишинин негизги түрлөрүнүн бири катары ушуга окшош кызмат көрсөтүүлөрүн бенефициарларга берүү жагынан иш жүргүзүп жаткан коммерциялык эмес уюмдар да кирет;

46) **жеткиликтүү форматтагы нуска** - бенефициардын чыгармага жеткиликтүүлүгүн камсыз кылган, анын ичинде көрүүсү бузулбаган же басылма маалыматты кабылдоо кудурети башкача чектелбеген адам сыяктуу эле ага реалдуу жана ыңгайлуу жетүүгө мүмкүндүк берген чыгарманын альтернативалык түрдөгү же формадагы нускасы.

*(КР 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## II бөлүм
## Автордук укук

### 5-статья. Автордук укуктун аракет чөйрөсү

1. Ушул Мыйзамга ылайык автордук укук төмөнкүлөргө жайылтылат:

Кыргыз Республикасынын аймагында жарыяланган же жарыяланбаган, бирок Кыргыз Республикасынын аймагында кандайдыр бир объективдүү түрдө орун алган чыгармаларга жана жарандыгына карабастан авторлордуку (алардын укук мураскерлериники) болуп таанылган чыгармаларга;

Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жарыяланган же жарыяланбаган, бирок Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары кандайдыр бир объективдүү түрдө орун алган жана Кыргыз Республикасынын жараны болгон авторлордуку (алардын укук мураскерлериники) болуп таанылган чыгармаларга;

Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жарыяланган же жарыяланбаган, бирок Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары кандайдыр бир объективдүү түрдө орун алган жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептеген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында башка мамлекеттердин жараны болгон авторлордуку (алардын укук мураскерлериники) деп таанылган чыгармаларга.

материалдык алып жүрүүчүсүнө, арналышына жана артыкчылыгына карабастан объективдүү формада берилген, жарыкка чыгарылган, ошондой эле жарыкка чыгарылбаган ЭЭМ үчүн ар кандай программаларга же маалыматтар базаларына.

2. Эгерде чыгарма Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакта биринчи ирет жарыяланган күндөн тартып 30 күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын

аймагында биринчи жолу жарыяланса, ал Кыргыз Республикасында да жарыяланган деп эсептелет.

3. Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык чыгармага Кыргыз Республикасынын аймагында коргоо берүүдө чыгарманын автору автордук укукка ээ болуу үчүн негиз болуп кызмат кылган юридикалык факт орун алган аймактагы мамлекеттин мыйзамы боюнча аныкталат.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**6-статья. Автордук укук тарабынан корголуучу чыгармалар (автордук укуктун объектилери)**

1. Автордук укук арналышына жана татыктуулугуна, ошондой эле аларды билдирүү ыкмаларына карабастан чыгармалчыл иштин натыйжасы болуп эсептелген илимий, адабият жана искусство чыгармаларына жайылтылат.

2. Чыгарма аны кабыл алууга мүмкүнчүлүк берген оозеки, кат жүзүндө же башка объективдүү түрдө болууга тийиш.

Кат жүзүндөгү же башкача ыкма менен материалдык алып жүрүүчү аркылуу (кол жазма, машинкага басылган, ноталык жазуу, техникалык каражаттар аркылуу жазуу, анын ичинде үн жазуу же көргөзмө жазуу, элестерди эки өлчөмдө же көлөмдүү - мейкиндик түрүндө көрсөтүү жана башкалар) берилген чыгармалар, алардын үчүнчү жактарга түшүнүктүү болгондугуна карабастан, объективдүү түргө ээ болгон деп эсептелет.

Эгерде оозеки же материалдык алып жүрүүчүдө көрсөтүлбөгөн башка чыгарма үчүнчү жактарга түшүнүктүү болсо (калк алдында сүйлөө, калк алдында аткаруу жана башкалар) ал объективдүү түргө ээ болгон деп эсептелет.

3. Автордук укук элге белгилүү болгон, ошондой эле элге белгилүү болбогон чыгармаларга да жайылтылат.

4. Автордук укук идеяларга, концепцияларга, принциптерге, тутумдарга, сунуш кылынуучу чечимдерге, табигый болуп келген көрүнүштөрдү ачууга карата жайылтылбайт.

5. Илим, адабият жана искусство чыгармаларына автордук укук аны жаратуу фактысынан кийин келип чыгат. Автордук укуктун келип чыгышы жана анын жүзөгө ашырылышы үчүн чыгарманы каттоо же кандайдыр-бир башка формалдуулуктарды сактоо талап кылынбайт.

6. Чыгармага автордук укук чыгармада баяндалган материалдык объектиге болгон менчик укугу менен байланышпайт.

Кандайдыр бир материалдык объектиге менчик укугун же ээлик кылуу укугун өткөрүп берүү ушул объект чагылдырылган чыгармага кандайдыр бир автордук укукту өткөрүп берүүнү билдирбейт.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**7-статья. Автордук укуктун объектилеринин түрлөрү. Туунду жана курамдуу чыгармалар**

1. Төмөндөгүлөр:

адабий чыгармалар (адабий-көркөм, илимий, окуу, публицистикалык жана башка ушул сыяктуу);

драмалык жана сценалык чыгармалар;

тексти бар жана тексти жок музыкалык чыгармалар;

музыкалык-драмалык чыгармалар;

хореографиялык чыгармалар жана пантомималар;

аудиовизуалдык чыгармалар (кино, теле, жана көргөзмө фильмдер, слайдфильмдери жана башка кино, теле жана көргөзмө чыгармалар);

живопись, скульптура, графика, дизайн чыгармалары жана көрсөтмөлүү искусствонун башка чыгармалары;

декоративдик-прикладдык сценалык искусствонун чыгармалары;

архитектура, шаар куруу жана багбанчылык-сейил бак искусствосунун чыгармалары;

фото чыгармалар жана фото сүрөткө окшош ыкмалар менен алынган чыгармалар;

географиялык, геологиялык жана башка карталар, географияга, топографияга жана башка илимдерге таандык кылынган пландар, эскиздер жана чыгармалар;

ар кандай түрдөгү электрондук-эсептөө машиналары (ЭЭМ), анын ичинде прикладдык программалар жана операциялык системалар, маалыматтар базалары;

ушул Мыйзамдын 6-статьясында белгиленген талаптарга жооп берген башка чыгармалар автордук укуктун объектилерине таандык кылынат.

2. Ушул Мыйзамдын 6-статьясында белгиленген талаптарды канааттандырган чыгармалардын бөлүктөрү, алардын аталыштары жана туунду чыгармалар автордук укуктун объектилери болуп эсептелет.

Туунду чыгармаларга башка чыгармаларды кайра иштеп чыгуунун натыйжасында жаратылган чыгармалар (котормолор, иштеп чыгуулар, аннотациялар, рефераттар, резюме, серептер, сахналаштыруулар, аранжировкалар жана ушуга окшогон илимдин, адабияттын жана искусствонун башка чыгармалары) кирет.

Курамдуу чыгармаларга жыйнактар (энциклопедиялар, антологиялар) жана материалдарды тандоо же жайгаштыруу аркылуу жаратылган чыгармачыл эмгектин натыйжасы болгон башка курамдык чыгармалар кирет.

2[1]. ЭЭМ үчүн программалар жана маалыматтар базалары адабий чыгармалар катары корголот. Мындай коргоо баштапкы текстти жана объекттик кодду камтуу менен кайсы тилде жана кандай формада болбосун түшүндүрүлүүгө мүмкүн болгон бардык колдонмо программаларды жана операциялык тутумдарды камтуу менен программанын бардык түрлөрүнө жайылтылат.

Маалыматтар базалары алар негизделген же алар камтыган маалыматтар автордук укуктун объекттери болуп саналганына же жоктугуна карабастан корголот.

2[2]. Ушул Мыйзамда берилүүчү укуктук коргоо ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын же алардын кандайдыр-бир элементинин негизинде

турган идеяларга жана принциптерге, анын ичинде интерфейсти жана алгоритмди уюштуруу идеяларына жана принциптерине, ошондой эле программалоо тилдерине жайылтылбайт.

3. Туунду жана курамдуу чыгармалар өздөрү негизделген жана аларга киргизилген чыгармалар автордук укуктун объектилери болгон же болбогондугуна карабастан, автордук укук тарабынан корголот.

Маалыматтар базаларына жыйнактарга берилгендей укуктук коргоо берилет.

*(КР 2004-жылдын 11-майындагы № 57, 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2014-жылдын 21-январындагы № 14, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 8-статья. Автордук укуктун объектилери болуп эсептелбеген чыгармалар жана ошол сыяктуу иштин натыйжалары

Төмөндөгүлөр:

расмий документтер (мыйзамдар, токтомдор, чечимдер жана башкалар), ошондой эле алардын расмий котормолору;

расмий символдор жана белгилер (желектер, гербдер, гимндер, ордендер, акча белгилери жана башкалар);

элдик чыгармачылыктын чыгармалары;

кадыресе басма сөз маалыматынын мүнөзүнө ээ болгон күндөлүк жаңылыктар жөнүндө маалыматтар же күндөлүк окуялар жөнүндө билдирүүлөр;

*(КР 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 1999-жылдын 6-ноябрындагы № 120, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

## 9-статья. Чыгарманын автору. Автордуктун презумпциясы

1. Өзүнүн чыгармачыл эмгеги менен чыгарма жараткан граждан чыгарманын автору деп таанылат.

Эгерде башкача далилденбесе, чыгарма биринчи жарыяланганда анын автору катары белгиленген адам анын автору деп эсептелет.

2. Чыгарма автору аталбастан же тергеме ат менен жарыяланганда (автордун тергеме аты анын инсандыгынан шектенүүнү пайда кылбагандан башка учурларда), башкалардын далилдери жок болгон учурда чыгармада ысымы же аталышы көрсөтүлгөн бастырып чыгаруучу автордун өкүлү катары эсептелет жана автордук укукту коргоого жана аны жүзөгө ашырууну камсыз кылууга укуктуу болот. Ушул жобо мындай чыгарманын автору өзүнүн инсандыгын ачыкка чыгарып жана өзүнүн автор экендигин билдирмейинче колдонулат.

3. Өзүнүн бөтөнчө мүлктүк укуктары жөнүндө жарыялоо үчүн анын ээси автордук укукту коргоо белгисинен пайдалана алат, мындай белги чыгарманын ар бир нускасына коюлат жана сөзсүз төмөндөгүдөй үч элементтен турат:

айланага алынган латындын "С" тамгасынан - ( С );

бөтөнчө мүлктүк укуктун ээсинин атынан (аталышынан);

чыгарма биринчи жолу жарыяланган жылынан.

4. Автор жарыяланбаган чыгармага карата жеке мүлктүк эмес укуктарын күбөлөндүрүү үчүн, ошондой эле укук ээси чыгармага карата өзгөчө мүлктүк укукка ээ болгондугун тастыктоо үчүн автордук укукту коргоонун мөөнөтүнүн ичинде кайсы гана убакытта болбосун аларды расмий реестрлерде каттоого укуктуу, бул тууралуу белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилет. Каттоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

Чыгарманы каттоого тиешелүү жана реестрге киргизилген маалыматтар ушундай жактын каалоосу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий басылмаларына жарыяланышы мүмкүн. Жарыялануучу маалыматтардын көлөмү жана мазмуну автор же укук ээси менен макулдашуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет. Каттоо жана жарыялоо үчүн жыйымдар Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзамдарына ылайык алынат.

5. Жеке жак өзүн жарыяланбаган чыгарманын кол жазмасынын авторумун деп эсептеген учурларда, укуксуз пайдаланууну же ээлеп алууну болтурбоо максатында аны сактоого өткөрүүнү зарыл деп эсептесе, анда ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кол жазманы кабыл алууга милдеттүү, кол жазманы өткөргөн жакка анын келип түшкөн күнү тууралуу маалымкат берилет. Мындайда ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кабыл алган кол жазманын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат.

Кол жазманы өткөрүү, кабыл алуу жана сактоо тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

6. ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын бардык мүлктүк укуктарынын автору же башка ээси (укук ээси) автордук укукту колдонуу мөөнөтүнүн ичинде өз каалоосу боюнча түздөн-түз же өзүнүн өкүлү аркылуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга өтүнмө берүү аркылуу ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын каттай алат. Өтүнмө берүүнүн жана каттоонун тартиби ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.

*(КР 1999-жылдын 6-ноябрындагы № 120, 2001-жылдын 20-июнундагы № 54, 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2020-жылдын 23-мартындагы № 29, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**10-статья. Авторлоштук**

1. Эки же андан ашык автордун чыгармачыл эмгеги менен түзүлгөн чыгармага автордук укук мындай чыгарма бир бүтүн чыгарманы түзгөндүгүнө же ар бири өз алдынча мааниге ээ болгон бөлүктөрдөн тургандыгына карабастан авторлошторго бирдей таандык болот.

Эгерде чыгарманын бир бөлүгү ушул чыгарманын башка бөлүктөрүнө карабастан пайдаланылышы мүмкүн болсо, ал өз алдынча мааниге ээ деп таанылат.

Эгерде алардын ортосундагы макулдашууда башкача каралбаса, авторлоштордун ар бири өз алдынча мааниге ээ болгон чыгарманын өзү түзгөн бөлүгүн өзүнүн кароосу боюнча пайдаланууга укуктуу.

2. Авторлоштордун ортосундагы мамилелер, ереже катары, макулдашуунун негизинде аныкталат. Мындай макулдашуу жок болгон учурда чыгармага автордук укук бардык авторлор тарабынан чогуу жүзөгө ашырылат, ал эми акчасы алардын ортосунда тең бөлүштүрүлөт.

Эгерде авторлоштордун чыгармасы бир бүтүндүктү түзсө, анда буга жетиштүү негиздер болбогондо авторлоштордун бири чыгарманы пайдаланууга тыюу салууга укуксуз.

3. Авторлоштордун ар бири өз атынан же башка авторлоштордун макулдугун албастан, эгерде алардын өз ара макулдашуусунда башкача каралбаса, өзүнүн укугун коргоого байланыштуу чараларды көрүүгө укуктуу.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**11-статья. Жыйнактарды жана башка курамдуу чыгармаларды түзүүчүлөрдүн автордук укугу**

1. Жыйнактын жана башка курамдуу чыгармалардын авторуна (түзүүчүгө) чыгармачыл эмгектин натыйжасы (түзүүчүлүк) болгон материалдарды тандап алуу же жайгаштыруу боюнча автордук укук таандык.

Түзүүчү курамдуу чыгармага кошулган чыгармалардын ар биринин авторунун укуктарын сактаган шартта гана ал автордук укуктан пайдаланат.

Түзүүчүнүн автордук укугу курамдуу чыгармага кошулган чыгармалардын авторлорунун укуктарына залал келтирүүгө тийиш эмес.

Эгерде автордук келишимде башкача көрсөтүлбөсө, курамдуу чыгармага кирген чыгармалардын авторлору, өзүнүн чыгармасын курамдуу чыгармага көз карандысыз пайдаланууга укуктуу.

Түзүүчүнүн автордук укугу башка адамдарга өзүнүн курамдуу чыгармаларын түзүү үчүн ошол эле материалдарды өз алдынча тандап алууга же жайгаштырууга тоскоолдук кылбайт.

2. Энциклопедияларды, энциклопедиялык сөздүктөрдү, илимий эмгектердин мезгилдүү жана улантылма жыйнактарын, газеталарды, журналдарды жана башка мезгилдүү басылмаларды басып чыгаруучуга мындай басылмаларды пайдалануу боюнча өзгөчө укуктар таандык.

Басып чыгаруучу мындай басылмаларды кандай гана түрдө болбосун пайдаланууда өзүнүн аталышын көрсөтүүгө же көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу.

Эгерде келишимде башкача шарттар каралбаса, мындай басылмаларга кошулган чыгармалардын авторлору өз чыгармаларын бүтүндөй басылмага көз карандысыз пайдалануу боюнча өзгөчө укуктарды өздөрүнө сактап калтырышат.

**12-статья. Котормочулардын жана башка туунду чыгармалардын авторлорунун автордук укуктары**

1. Котормочуларга жана башка туунду чыгармалардын авторлоруна алар жүзөгө ашырган котормого, кайра оңдоого, аранжировкалоого жана башка кайра иштеп чыгууга карата автордук укук таандык.

Котормочу жана башка туунду чыгарманын автору котормого, кайра оңдоого, аранжировкалоого же башка кайра иштетүүгө дуушар болгон чыгарманын авторунун укуктарын сактаган шартта, өзү жараткан чыгармага карата автордук укуктан пайдаланат.

2. Котормочулардын жана башка туунду чыгармалардын авторлорунун автордук укугу башка адамдардын ушул эле чыгармаларды которуусуна жана кайра иштеп чыгуусуна тоскоолдук кылбайт.

### 13-статья. Аудиовизуалдык чыгармага карата автордук укук

1. Төмөндөгүлөр:

сценарийдин автору (сценарист);

ошол аудиовизуалдык чыгарма үчүн атайын түзүлгөн музыкалык чыгарманын (тексти менен же текстсиз) автору (композитор);

режиссер-коюучу;

оператор-коюучу;

сүрөтчү-коюучу аудиовизуалдык чыгарманын авторлору болуп саналышат.

2. Аудиовизуалдык чыгарманы жаратууга автордук келишим түзүү ушул чыгарманын авторлорунун аудиовизуалдык чыгарманы даярдоочуга аудиовизуалдык чыгарманы кайра чыгарууга, таратууга, эл алдында аткарууга, жалпы маалымдама үчүн кабель боюнча кабарлоого, эфирде берүүгө же дагы башка маалымдоого, ошондой эле, эгерде келишимде башкача шарт каралбаса, аудиовизуалдык чыгарманын текстин субтитрлөөгө же дубляждоого өзгөчө укукту өткөрүп берүүсүнө алып келет. Ушул көрсөтүлгөн укуктар автордук укуктун аракет мөөнөтүнүн ичинде күчүндө болот.

Аудиовизуалдык чыгарманы даярдоочу ушул чыгарманы ар кандай пайдалануу учурунда өз атын же аталышын атоого, же ушундай атоону талап кылууга укуктуу.

3. Аудиовизуалдык чыгарма үчүн атайын чыгарылган (тексти бар же тексти жок) музыкалык чыгарманын автору аудиовизуалдык чыгарманын эл алдында ар бир аткарылышы, анын жарыяланышы, ошондой эле аудиовизуалдык чыгарманын нускаларын прокатка берүү үчүн сый акы алуу укугун сактап калат.

4. Аудиовизуалдык чыгармага курамдуу болуп кирген, мурда болгон чыгармалардын да (сценарийге негиз болгон романдын автору ж. б.), анын үстүндө иштөө процессинде пайда болгон чыгармалардын да (оператор-коюучу, сүрөтчү-коюучу ж. б.) авторлору ар кимиси өзүнүн чыгармасына автордук укуктан пайдаланышат.

5. Фильмдин авторунун жана фильмге карата башка мүлктүк укуктардын ээлеринин макулдугусуз фильмдин бүткөн вариантын (негативдерин, түп нускадагы жазып алууларды) жок кылып жиберүүгө тыюу салынат.

**14-статья. Кызматтык чыгармаларга карата автордук укук**

1. Жумуш берүүчүнүн кызмат тапшырмасын (кызматтык чыгарма) аткаруу иретинде жаралган чыгармага болгон жекече мүлктүк эмес укук кызматтык чыгарманын авторуна таандык болот.

2. Кызматтык чыгарманын тапшырманын максаты жана андан келип чыккан чектер менен шартталган ыкмада пайдаланууга карата өзгөчө укук, эгерде алардын ортосунда түзүлгөн келишимде башкача аныкталбаса, автор менен эмгек мамилелеринде турган адамга (жумуш берүүчүгө) таандык.

Кызматтык чыгарманы пайдалануунун ар бир түрү үчүн автордук сый акынын өлчөмү жана аны төлөөнүн тартиби автор менен жумуш берүүчүнүн ортосундагы келишим менен аныкталат.

3. Жумуш берүүчү кызматтык чыгарманы ар кандай түрдө пайдалануу учурунда өз аталышын көрсөтүүгө же көрсөтүүнү талап кылууга укуктуу.

4. Чыгарманы көрсөтүү учурунан он жыл өткөн соң, ал эми жумуш берүүчүнүн макулдугу менен андан да мурда автордун чыгарманы пайдаланууга жана автордук сый акыны алууга карата болгон укугу жумуш берүүчү менен түзүлгөн келишимге карабастан толугу менен авторго таандык болот.

5. Кызмат милдетин же жумуш берүүчүнүн кызмат тапшырмасын аткаруу иретинде энциклопедияларды, энциклопедиялык сөздүктөрдү, илимий эмгектердин мезгилдүү жана улантылуучу жыйнактарды, газеталарды, журналдарды жана башка мезгилдүү басылмаларды жаратууга (ушул Мыйзамдын 11-статьясынын 2-бөлүгү) ушул статьянын жоболору жайылтылбайт.

**15-статья. Жекече мүлктүк эмес укуктар**

1. Авторго анын чыгармасына карата төмөндөгү жекече мүлктүк эмес укуктар:

автордук укук - чыгарманын автору деп таанылуу укугу;

ысымга карата укук - чыгарманы автордун чыныгы аты менен, жашыруун аты менен же атын атабай, башкача айтканда анонимдүү колдонуу же колдонууга уруксат берүү укугу;

жарыялоо укугу - чыгарманы кайра чакырып алуу укугун кошо эсептегенде өзүнүн чыгармасын ар кандай формада жарыялоо же жарыялоого уруксат берүү укугу;

кол тийбестик укугу - чыгарманын, анын аталышын кошо эсептегенде ар кандай бурмалоолордон же автордун ар намысына жана кадыр-баркына залал келтирүүгө жарамдуу башка кол салуулардан коргоо укугу таандык.

2. Автор чыгармасын жарыялоо жөнүндө мурда кабыл алынган чечимден, мындай чечим аркылуу пайдалануучуга келтирилген зыяндын ордун толтурган

шартта баш тартууга (кайра чакырып алуу укугу) укугу бар. Эгерде чыгарма мурда жарыяланса, автор аны кайра чакырып алуу жөнүндө жалпыга кабарландырууга милдеттүү. Мында ал чыгарманын мурда даярдалган нускаларын колдонуудан алып таштоону өз эсебинен жүргүзүүгө акылуу. Кызматка байланыштуу чыгармаларды жаратууда ушул бөлүктүн жоболору колдонулбайт.

3. Жекече мүлктүк эмес укуктар автордун мүлктүк укуктарына карабастан ага таандык жана чыгармаларды пайдалануу боюнча өзгөчө укуктарды бирөөгө берген кезде ал укуктар сакталып кала берет.

**16-статья. Мүлктүк укуктар**

1. Авторго анын чыгармасына карата чыгарманы каалагандай формада жана каалагандай ыкмада пайдаланууга өзгөчө укуктар таандык.

2. Чыгармаларды пайдаланууга карата автордук өзгөчө укуктар төмөндөгү иш-аракеттерди:

чыгарманы кайра чыгарууну (кайра чыгаруу укугун);

чыгарманын нускаларын кандай жол менен болбосун таркатууну: прокатка берүүнү жана дагы ушул сыяктууларды (таркатуу укугун);

ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын жарыкка чыгарууну;

ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын модификациялоону, анын ичинде ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын бир тилден башка тилге которууну;

чыгарманы таркатуу максатында анын нускаларын, анын ичинде өзгөчө автордук укуктардын ээсинин уруксаты менен даярдалган нускаларды кошо импорттоону (импорт укугун);

чыгарманы жалпы элге көрсөтүүнү (жалпы элге көрсөтүү укугун);

чыгарманы жалпы эл алдында аткарууну (жалпы эл алдында аткаруу укугун);

чыгарманы жалпыга маалымдоо үчүн эфирге берүү жана (же) кийин эфирге берип туруу (эфирге берүү укугун) жолу аркылуу кабарлоону;

чыгарманы жалпыга маалымдоо үчүн кабель, зым же башка ушуга окшогон каражаттардын жардамы менен кабарлоону (кабель боюнча жалпыга маалымдоо үчүн кабарлоо укугун);

чыгарманы которууну (которуу укугун);

чыгарманы кайра оңдоону, же чыгарманы башкача түрдө кайра иштеп чыгуу (иштеп чыгуу укугу) жүзөгө ашыруу, аларга уруксат берүү же тыюу салуу укугун билдирет;

чыгарманы жалпыга маалымдоо үчүн бардык адамдар чыгармага ар кандай жерден жана каалаган учурда өзүнүн тандоосу боюнча ага жете алгандай мүмкүнчүлүк ала алат (жалпыга маалымдоого жеткирүү укугу).

*(Он экинчи абзац КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(он үчүнчү абзац КР 2014-жылдын 21-январындагы № 14 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Автордун дизайнердик, архитектуралык, шаар куруу жана багбанчылык-сейил бак долбоорлорун пайдаланууга өзгөчө укуктары, ошондой эле мындай долбоорлорду иш жүзүндө ишке ашырууну камтыйт. Кабыл алынган архитектуралык долбоордун автору, эгерде келишимде башкача каралбаса, буюртмачыдан курулуш үчүн документтерди иштен чыгууда жана имаратты же курулманы курууда өз долбоорун ишке ашырууга катышууга укук берүүнү талап кылууга укуктуу.

3. Эгерде мыйзамдуу түрдө жарыяланган чыгарманын нускалары аларды сатуу аркылуу граждандык карым-катнашка киргизилсе, анда аларды автордун макулдугусуз жана ага сый акы төлөбөстөн андан ары таркатууга жол берилет.

Аудиовизуалдык чыгарманы, ЭЭМ программасын, маалыматтар базасын, фонограммага жазылган чыгарманы, ноталык текст түрүндөгү музыкалык чыгарманы прокатка берүү жолу аркылуу чыгарманын түп нускасын же нускаларын таркатуу укугу ушул нускаларга болгон менчиктөө укугуна карабастан, авторго таандык болот.

*(үчүнчү абзац КР 2014-жылдын 21-январындагы № 14 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(төртүнчү абзац КР 2014-жылдын 21-январындагы № 14 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(бешинчи абзац КР 2014-жылдын 21-январындагы № 14 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

4. Автор чыгарманын ар бир пайдаланылган түрүнө автордук сый акы алууга укуктуу. Чыгарманын ар бир пайдаланылган түрүнө автордук сый акынын өлчөмү жана эсептөө тартиби автордук келишимде, ошондой эле авторлордун мүлктүк укуктарын жамааттык негизде башкаруучу уюмдар менен пайдалануучулар түзгөн келишимдерде белгиленет.

5. Ушул статьянын 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн авторлордун укуктарына карата чектөөлөр мындай пайдалануу чыгарманы нормалдуу түрдө пайдаланууга негизсиз зыян келтирбей турган жана автордун мыйзамдуу таламдарын негизсиз түрдө кемсинтпей турган шартта, ушул Мыйзамдын 18-26-статьялары тарабынан аныкталат.

*(КР 2008-жылдын 5-августундагы № 197, 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2014-жылдын 21-январындагы № 14, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**17-статья. Сүрөт искусствосунун чыгармасына жол берүү укугу. Жолун жолдоо укугу**

1. Сүрөт искусство чыгармасынын автору чыгарманын менчик ээсинен өз чыгармасын көчүрүп алуу үчүн мүмкүндүк берүүнү талап кылууга укуктуу (мүмкүндүк алуу укугу). Мында чыгарманын менчик ээсинен чыгарманы авторго жеткирип берүүнү талап кылууга болбойт.

2. Сүрөт искусство чыгармасына карата менчик укугунун автордон башка адамга өтүүсү (акы төлөө менен же бекер) ушул чыгарманын алгачкы сатылышы дегенди билдирет.

Сүрөт искусство чыгармасынын түп нускасын сүрөт искусствосунун мындай чыгармасына карата укуктун алгач ирет башкага өтүшүнөн кийин ачык сатуунун ар бир учурунда (аукцион, сүрөт искусствосунун галереясы, көркөм салон, дүкөн жана дагы ушул сыяктуу) автор же анын мураскорлору сатуучудан ашыра сатуудагы баанын 5 проценти өлчөмүндө сый акы алууга укугу (колдонуу укугу) бар. Ушул көрсөтүлгөн укук автордун көзү тирүүсүндө ээликтен ажыратылбай турган болуп саналат жана автордук укуктун аракет мөөнөтүнүн ичинде анын мураскерлерине гана мыйзам же мурас аркылуу өтүшү мүмкүн.

### 18-статья. Чыгармаларды автордун макулдугусуз жана автордук сый акыны төлөбөстөн жекече максатта кайра чыгаруу

1. Автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн туруп ушул Мыйзамдын 26-статьясында каралган учурлардан тышкары жалаң гана жекече максаттарда мыйзамдуу түрдө жарыяланган чыгарманын айрым нускасын кайта чыгарууга жол берилет.

2. Ушул статьянын 1-бөлүгүндөгү жобо:

имараттар жана аларга окшош курулуштар түрүндөгү архитектуралык чыгармаларды кайра чыгарууга;

маалымат базаларын же алардын ичинен олуттуу бөлүктөрүн кайра чыгаруу.

ЭЭМ үчүн программаларды, ушул Мыйзамдын 25-статьясында каралган учурлардан тышкары кайта чыгарууга;

китептерди (толугу менен) жана ноталык тексттерди репродукциялоого карата колдонулбайт;

жалпыга маалымдоого жеткирилген, кайра чыгарууга уруксат берилбе-

ген ар кандай чыгармага;

чыгарманы талапка ылайык пайдаланууга зыян алып келүүчү жана негизделбеген түрдө автордун мыйзамдык кызыкчылыктарын басынткан ар кандай башка чыгармага карата.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 19-статья. Чыгармаларды автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн туруп пайдалануу

1. Автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн туруп, бирок чыгармасы пайдаланылып жаткан автордун ысмын жана өздөштүрүү булагын сөзсүз көрсөтүү менен төмөндөгүлөргө:

1) илимий, изилдөөчүлүк, талаш-тартыш, сын жана маалымдоо максатында мыйзамдуу түрдө жарыяланган чыгармалардан, газета-журналдардын басма сөзгө

баяндама түрүндөгү макалаларынан үзүндүлөрдү келтирүү менен кошо эсептегенде, цитаталоонун максатын актай тургандай көлөмдө анын өз тилинде жана котормо түрүндө цитата келтирүүгө;

2) мыйзамдуу түрдө жарыяланган чыгармаларды жана алардын үзүндүлөрүн окуу мүнөзүндөгү басылмаларда, радио жана теле берүүлөрдө, электрондук (санариптикти кошо алганда), оптикалык же башка машина окуй ала турган формадагы үн жана көргөзмө жазмаларда, окуунун максатын актаган көлөмдө иллюстрация катары пайдаланууга;

3) учурдагы экономикалык, саясий, социалдык жана диний маселелер боюнча газеталарда же журналдарда жарык көргөн макалаларды же ушундай эле мүнөздөгү эфирге берилген чыгармаларды мындай кайра чыгарууга, эфирге берүүгө же кабель аркылуу кабарлоого автор тарабынан атайын тыюу салынбаган учурларда, аларды газеталарда кайра чыгарууга, эфирге берүүгө же кабель аркылуу кабарлоого;

4) эл алдында чыгып сүйлөнгөн саясий мааниdeги сөздөрдү, кайрылууларды, докладдарды жана ушуга окшош дагы башка чыгармаларды маалымдоо максатын актаган көлөмдө газеталарда кайра чыгарууга, эфирге берүүгө же кабель аркылуу кабарлоого. Мында автордо мындай чыгармаларды жыйнактарда жарыялоо укугу сакталып кала берет;

5) учурдагы окуяларга берилген баяндамаларда фотографиялык каражаттардын жардамы менен, эфирге берүү же жалпыга кабарлоо үчүн кабель аркылуу таратуу жолу менен мындай окуялардын жүрүшүндө көрүнүп же угулуп кала турган чыгармаларды, маалыматтын максатын актаган көлөмдө кайра чыгаруу же жалпыга кабарлоого жол берилет. Мында автордо ушундай чыгармаларды жыйнактарда жарыялоого укугу сакталып кала берет;

6) чыгарманын нускаларын жеткиликтүү форматта даярдоого, башка ыйгарым укуктуу органдан жеткиликтүү форматтагы нусканы алууга жана аларды бенефициарларга кандай болбосун ыкмаларда, коммерциялык эмес прокатты кошо алганда же зым же зымсыз байланыш каражаттары боюнча электрондук билдирүүнү берүүгө, ошондой эле бул максаттарга жетүү үчүн кандай гана болбосун аракеттерди жасоого.

1[1]. ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын нускасына толук укуктуу ээ болгон жак ЭЭМ үчүн программанын ар кандай элементинин негизинде турган идеяларды жана принциптерди аныктоо максатында автордун же башка укук ээсинин макулдугусуз жана кошумча сый акы төлөбөстөн 25-статьянын 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда каралган иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу аркылуу ушундай программанын иштешин үйрөнүүгө, изилдөөгө же сыноого укуктуу.

2. Автордун же автордук укуктун бөлөк ээсинин макулдугусуз жана сый акы төлөбөстөн туруп, тизмеси белгиленген тартипте аныкталуучу, алып кетүү республиканын улуттук таламдарына залал келтире турган чыгармалардан тышкаркы чыгармалардын нускаларын чет өлкөгө жеке адамдын жеке максаттар үчүн гана алып кетишине жол берилет.

*(КР 2017-жылдын 9-мартындагы № 42, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**20-статья. Китепканалардын, архивдердин жана билим берүү мекемелеринин чыгармаларды пайдалануусу**

1. Автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн, бирок чыгармасы пайдаланылып жаткан автордун ысмын жана өздөштүрүү булагын сөзсүз көрсөтүү менен, пайда табууну көздөбөй бирден нускада:

1) эгер мындай нусканы кадимки шарттарда башка жол менен алуу мүмкүн болбосо, китепканаларга жана архивдерге мыйзамдуу түрдө жарыяланган чыгарманын нускаларын калыбына келтирүү, жоголгон же бузулган нускаларын алмаштыруу, кандайдыр-бир себептер менен өз фондуларынан чыгармаларды жоготуп алган башка китепканаларга чыгармаларды берүү үчүн;

2) окуу жана изилдөө максаттарында китепканалар жана архивдер тарабынан жеке адамдардын суроолору боюнча жыйнактарда, газеталарда жана башка мезгилдүү басылмаларда мыйзамдуу түрдө жарыяланган айрым макалаларды жана чакан көлөмдөгү чыгармаларды, мыйзамдуу түрдө жарык көргөн жазма чыгармаларынын (сүрөттүү же сүрөтсүз) кыска үзүндүлөрүн;

3) окуу, билим берүү жана изилдөө максаттары үчүн билим берүү мекемелери тарабынан жыйнактарда, газеталарда жана башка мезгилдүү басылмаларда мыйзамдуу түрдө жарыяланган айрым макалаларды жана чакан көлөмдүү чыгармаларды, мыйзамдуу түрдө жарыяланган жазма чыгармаларынын (сүрөттүү жана сүрөтсүз) кыска үзүндүлөрүн кайра чыгарууга жол берилет.

2. Автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн, китепканалар тарабынан мыйзамдуу жол менен жарандык колдонууга киргизилген чыгармалардын нускаларын убактылуу акысыз пайдаланууга уруксат берилет. Мында санарип түрүндө берилген чыгармалардын нускалары, анын ичинде китепкана ресурстарын өз ара пайдалануу тартибинде берилүүчү чыгармалардын нускалары санарип түрүндө ушул чыгармалардын көчүрмөлөрүн кайра чыгаруу жана таратуу мүмкүнчүлүгүн болтурбоо шартында убактылуу пайдаланылууга мүмкүнчүлүк берилет.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2017-жылдын 9-мартындагы № 42 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**20[1]-статья. Жеткиликтүү форматтагы нускаларга карата чектөөлөр жана өзгөчөлөнтүүлөр**

1. Ыйгарым укуктуу уюм автордун макулдугусуз жана автордук сыйакы төлөбөстөн чыгарманын жеткиликтүү форматтагы нускаларын даярдай алат, башка ыйгарым укуктуу уюмдан жеткиликтүү форматтагы нускаларды ала алат жана аларды кандай болбосун ыкмаларда бенефициарларга, коммерциялык эмес прокатты же зым же зымсыз байланыш каражаттары боюнча электрондук билдирүүнү кошо алганда бере алат, ошондой эле төмөнкү шарттарды сактоо менен бул максаттарга жетүү үчүн кандай гана болбосун аракеттерди жасоого:

1) ыйгарым укуктуу уюм чыгармага же чыгарманын нускасына мыйзамдуу жетүүгө ээ болсо;

2) чыгарма жеткиликтүү форматтагы нускага кайра өзгөртүлгөндө, бул өзүнө бенефициарга жеткиликтүү форматтагы маалыматты карoo үчүн зарыл болгон кандай болбосун каражаттарды пайдаланууну камтышы мүмкүн. Мында

чыгарманын мазмунун өзгөртүү менен байланышкан өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилбейт;

3) мындай жеткиликтүү форматтагы нускалар бенефициарлардын пайдалануусу үчүн гана берилет;

4) чыгарманын жеткиликтүү форматын даярдоо боюнча иш пайда албастан жүзөгө ашырылат.

2. Ушул статьянын 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн ишти жүзөгө ашырууда ыйгарым укуктуу уюм:

1) тейленүүчү адамдардын бенефициарларга карата белгиленген талаптарга ылайыктуулугун аныктайт;

2) бенефициарлардын жана (же) башка ыйгарым укуктуу уюмдардын жеткиликтүү форматтагы нускаларды таратуусуна жана берүүсүнө чектөөлөрдү аныктайт;

3) санкцияланбаган нускаларды кайра чыгарууга, таратууга жана берүүгө тоскоол кылуучу чараларды көрөт;

4) чыгармалардын нускалары менен иштөөдө эсепке алууну жүргүзөт.

*(КР 2017-жылдын 9-мартындагы № 42 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**21-статья. Эркин катышуу үчүн ачык жерлерге туруктуу жайгаштырылган чыгармаларды эркин пайдалануу**

Чыгарманын сүрөттөлүшү кайра чыгаруунун, эфирге берүүлөрдүн же жалпы маалымат үчүн кабель аркылуу кабарлоонун негизги объектиси болгон же чыгарманы сүрөттөө коммерциялык максаттар үчүн пайдаланылгандан башка учурларда, автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн эркин катышуу үчүн ачык жерге туруктуу жайгашкан архитектуранын, фотография өнөрүнүн, сүрөт искусствосунун чыгармаларын кайра чыгарууга, эфирге берүүгө же жалпыга маалымдоо үчүн кабель аркылуу кабарлоого жол берилет.

**22-статья. Жалпы эл алдында эркин аткаруу**

Автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн расмий жана диний аземдер учурунда, ошондой эле сөөк коюуда, ушундай аземдердин мүнөзүн актаган көлөмдө музыкалык чыгармаларды жалпы эл алдында аткарууга жол берилет.

**23-статья. Соттук жана административдик максаттар үчүн эркин түрдө кайра чыгаруу**

Автордун макулдугусуз жана автордук сый акы төлөбөстөн чыгармаларды сот жана администрация иштери үчүн ушул максатты актаган көлөмдө кайра чыгарууга жол берилет.

**24-статья. Эфирдик уктуруу уюмдары тарабынан жүргүзүлгөн, кыска мөөнөткө пайдаланыла турган эркин жазма**

Эфирдик уктуруу уюму автордун макулдугусуз жана кошумча сый акы төлөбөстөн жазма эфирдик уктуруу уюму тарабынан анын өзүнүн жабдуусунун жардамы менен жана өзүнүн берүүлөрү үчүн жүргүзүлүп жаткан шартта ушул уюм эфирге берүүгө укук алган чыгарманы кыска мөөнөткө пайдалануу үчүн жазма көчүрүп ала алат. Эгерде андан кыйла узагыраак мөөнөт жазылган чыгарманын автору менен макулдашылбаган болсо, мында уюм аны жазып алгандан кийин алты айдын ичинде мындай жазманы жок кылууга милдеттүү. Эгерде мындай жазма документалдык мүнөздө болсо анда ал чыгарманын авторунун макулдугусуз расмий архивдерге сакталып турушу мүмкүн.

**25-статья. ЭЭМ үчүн программаларды жана маалыматтар базаларын эркин кайра чыгаруу. ЭЭМ үчүн программаларды декомпиляциялоо**

1. ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын нускасына толук укуктуу ээ болгон адам автордун же чыгарманы пайдаланууга карата болгон өзгөчө укуктардын башка бир ээсинин уруксатысыз жана кошумча сый акы төлөбөстөн:

1) ЭЭМ үчүн программага же маалыматтар базасына пайдалануучунун техникалык каражаттарында анын иштешинин максатында гана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын иштешине байланыштуу бардык аракеттерди, анын ичинде ЭЭМдин эсине жазууну жана сактоону(бир ЭЭМ же тармактын бир пайдалануучусу үчүн) анын милдетине ылайык ишке ашырууга, ошондой эле, эгерде автор менен келишимде башкача каралбаса, көрүнөө каталарды оңдоого;

2) көчүрмө архивдик максаттарга жана ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын түп нускасы жоголуп же пайдаланууга жараксыз болуп калган учурда ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын көчүрмөсүн даярдоого жана негиздүү алынган нускага алмаштырууга акылуу. Мында ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын көчүрмөсү ушул бөлүктүн 1-пунктунда көрсөтүлгөндөн башка максаттарга пайдаланылышы мүмкүн эмес жана ушул ЭЭМ үчүн программанын же маалыматтар базасынын нускасына ээ болуу мыйзамдуу болбой калган учурда жок кылынууга тийиш.

2. ЭЭМ үчүн программанын нускасына мыйзамдуу түрдө ээлик кылган адам автордун же өзгөчө укуктардын бөлөк ээсинин макулдугусуз жана кошумча сый акы төлөбөстөн ушул адам тарабынан эркин иштелип чыккан ЭЭМ үчүн программанын декомпиляцияланган программалар менен өз ара аракеттене ала турган башка программалар менен өз ара аракеттенүү жөндөмүнө жетишүү максатын көздөгөн учурда объектилүү кодду баштапкы текстке кайра жазууга жана өзгөртүүгө (ЭЭМ үчүн программаны декомпиляциялоого) же ушул иш-аракеттерди жүзөгө ашырууну башка кишиге тапшырууга төмөндөгү шарттар сакталган учурда акылуу:

1) өз ара аракеттенүү жөндөмүнө жетишүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды башка булактардан билүүгө мурда ушул адамга жол жабык болсо;

2) көрсөтүлгөн иш-аракеттер, ЭЭМ үчүн декомпиляцияланган программанын өз ара аракеттенүү жөндөмүнө жетишүү үчүн зарыл болгон бөлүгүнө карата гана жүзөгө ашырылса;

3) декомпиляциянын натыйжасында алынган маалымат ЭЭМ үчүн көз карандысыз иштелип чыккан программанын башка программалар менен өз ара аракеттенүү жөндөмүнө жетишүү үчүн гана колдонула алат, ушул көз карандысыз иштелип чыккан программанын башка программалар менен өз ара аракеттенүү жөндөмүнө жетишүү үчүн зарыл болгон учурлардан башка учурда бөлөк адамдарга өткөрүлүп берилбейт, ошондой эле өзүнүн түрү жагынан ЭЭМ үчүн декомпиляцияланган программага кыйла окшош ЭЭМ үчүн программаны иштеп чыгыш үчүн жана автордук укукту бузуучу башка иш-аракеттердин кайсынысын болбосун жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланылбайт.

3. Ушул статьянын жоболорун колдонуу ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын кадыресе колдонууга негизсиз залал келтирүүгө тийиш эмес жана автордун же ЭЭМ үчүн программага же маалыматтар базасына карата болгон өзгөчө укуктардын бөлөк ээсинин мыйзамдуу таламдарына негизсиз түрдө залал келтирүүгө тийиш эмес.

**26-статья. Чыгарманы автордун макулдугусуз автордук сый акы төлөө менен жекече максаттарда кайра чыгаруу**

1. Ушул Мыйзамдын 16, 37 жана 38-статьяларынын жоболорунан четтөө менен чыгарманын авторунун, аткаруучунун жана фонограммаларды өндүрүүчүнүн макулдугун албастан, бирок аларга сый акы төлөө менен аудиовизуалдык чыгарманы жана чыгарманын үн жазмасын өңчөй жекече максатта кайра чыгарууга жол берилет.

2. Ушул статьянын 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн кайра чыгаруу үчүн сый акы төлөө мындай кайра чыгаруу үчүн пайдаланылуучу жабдууну (аудио- жана көргөзмө магнитофондор, башка жабдуулар) жана материалдык каражаттарды (үн- жана (же) көргөзмө тасмаларды жана кассеталарды, лазердик дискаларды, компакт-дискаларды, башка материалдык алып жүрүүчүлөрдү) даярдоочулар же импортточулар тарабынан төлөнөт.

Жабдуулардын жана материалдык алып жүрүүчүлөрдүн тизмеги, ошондой эле тийиштүү каражаттарды чогултуунун өлчөмү жана тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

Ушул сый акыны чогултуу жана бөлүштүрүү авторлордун, фонограммаларды даярдоочулардын жана аткаруучулардын мүлктүк укуктарын жамааттык негизде башкарган уюмдардын бири тарабынан ал уюмдардын ортосундагы келишимдерге ылайык (ушул Мыйзамдын 45-статьясы) жүзөгө ашырылат. Эгер ал келишимде башкача жагдайлар каралбаса, анда көрсөтүлгөн сый акы төмөнкүдөй тартипте бөлүштүрүлөт: авторлорго - 40 пайыз, аткаруучуларга - 30 пайыз жана фонограммаларды даярдоочуларга - 30 пайыз төлөнөт.

3. Ушул статьянын 2-бөлүгүнүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн, экспорттун предмети болгон жабдууларга жана материалдардын алып жүрүүчүлөргө карата, ошондой эле үй шартында аткарууга арналбаган кесиптик жабдууларга карата сый акы төлөнбөйт.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**27-статья. Автордук укуктун колдонулуш мөөнөтү**

1. Автордук укук анын бүткүл өмүрүнүн аралыгында жана автор өлгөндөн кийинки жылдын 1-январынан тартып эсептегенде дагы 50 жыл бою күчүндө болот.

2. Авторлоштук менен түзүлгөн чыгармага автордук укук авторлоштордун бүткүл өмүрүнүн аралыгында жана башка авторлоштордон көп жашаган акыркы автор өлгөндөн кийин 50 жыл бою күчүндө болот.

3. Тергеме ат менен же автору аталбастан биринчи жолу жарык көргөн чыгармаларга автордук укук чыгарма жарык көргөн жылдан кийинки жылдын 1-январынан тартып элүү жыл бою күчүндө болот.

Эгерде аталган убакыттын ичинде аты белгисиз автор же тергеме ат билинсе, анда ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттөр колдонулат.

4. Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде автордук укук автордун мураскорлоруна таандык болот жана мурастоо боюнча өтүп турат.Ушул эле мезгилдин ичинде автордук укук ушул укукту автор менен келишим боюнча алган укуктук жолун жолдоочуларга, анын мураскорлоруна жана андан кийинки укуктук жолун жолдоочуларга таандык болот.

5. Автор өлгөндөн кийин элүү жылдын ичинде алгачкы жолу жарык көргөн чыгармага автордук укук чыгарма жарык көргөн жылдан кийинки жылдын 1-январынан тартып эсептегенде элүү жыл бою күчүндө болот.

6. Автордук, автордун ысымы жана чыгарманын кол тийгистиги мөөнөтсүз корголот.

**28-статья. Коомдук энчи**

1. Чыгармага автордук укуктун күчүндө болуу мөөнөтүнүн бүтүшү алардын коомдук мүлктүн карамагына өткөндүгүн билдирет.

Кыргыз Республикасынын аймагында эч качан коргоого алынбаган чыгармалар да коомдук мүлктүн карамагына өттү деп эсептелет.

2. Коомдук мүлктүн карамагына өткөн чыгармаларды автордук сый акы төлөбөстөн эле ар кандай адам эркин пайдалана алат. Мында авторлукка болгон укук, ысым алып жүрүүгө укук жана автордун кол тийгистик укугу сакталууга тийиш (ушул Мыйзамдын 15-статьясы).

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан коомдук кенчке өткөн чыгармаларды Кыргыз Республикасынын аймагында пайдалануу үчүн интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик фондуга чегериле турган каражаттардын чен-өлчөмдөрү белгиленет.

*(КР 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 29-статья. Автордук укуктун мурас боюнча өтүшү

Автордук укук мурас боюнча өтөт.

Автордун ушул Мыйзамдын 15-статьясында көрсөтүлгөн жекече мүлктүк эмес укуктары мурас боюнча өтпөйт. Автордун мураскерлери көрсөтүлгөн укуктарды сактоону иш жүзүнө ашырууга акылуу. Мураскерлердин ушул ыйгарым укуктары мөөнөт менен чектелбейт.

Автордун мураскерлери жок болгон учурда көрсөтүлгөн укуктарды коргоону ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган иш жүзүнө ашырат.

*(КР 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 30-статья. Мүлктүк укуктарды өткөрүп берүү. Автордук келишим

1. Ушул Мыйзамдын 16-статьясында көрсөтүлгөн мүлктүк укуктар ушул Мыйзамдын 18-26-статьяларында каралгандан башка учурларда, автордук келишим боюнча гана өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

Мүлктүк укуктарды өткөрүп берүү өзгөчө укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө автордук келишимдин негизинде же өзгөчө эмес укуктарды өткөрүп берүү жөнүндөгү автордук келишимдин негизинде иш жүзүнө ашырылышы мүмкүн.

1[1]. ЭЭМ үчүн программага же маалыматтар базасына мүлктүк укуктар башка жеке же юридикалык жактарга төмөнкүчө өткөрүп берилиши мүмкүн:

1) толугу менен - ЭЭМ үчүн программага же маалыматтар базасына өзгөчө укуктан ажыратуу жөнүндө келишим боюнча;

2) жарым-жартылай - лицензиялык келишим боюнча.

2. Өзгөчө укуктарды өткөрүп берүү жөнүндөгү автордук келишим чыгарманы белгилүү ыкмада жана келишим менен белгиленген чекте ушул укуктар өткөрүлүп берилүүчү адамга гана пайдаланууга уруксат берет жана мындай адамга чыгарманы башка адамдардын андай пайдаланышына тыюу салуусуна укук берет.

Эгерде чыгарманы башка адамдардын пайдалануусуна тыюу салуу укугун өзгөчө укуктар өткөрүлүп берилген адам иш жүзүнө ашыра албаса, ал укукту чыгарманын автору иш жүзүнө ашыра алат.

3. Өзгөчө эмес укуктарды өткөрүп берүү жөнүндөгү автордук келишим пайдалануучуга мындай укуктарды өткөрүп берген өзгөчө укуктардын ээси менен жана (же) ушул чыгарманы ушундай эле ыкма менен пайдаланууга уруксат алган башка адамдар менен бирдей укукта пайдаланууга уруксат берет.

4. Автордук келишим боюнча өткөрүлүп берилген укуктар, эгерде келишимде башкача жагдайлар каралбаса, өзгө эмес укук болуп эсептелет.

5. Автор ага таандык чыгарманы ал аныктаган шарттарда жана мөөнөттөрдө акысыз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кандай болбосун адамдарга берүү жөнүндө жалпыга билдирүү жасай алат. Кандай болбосун адам бул чыгарманы автор тарабынан аныкталуучу шарттарда жана мөөнөттөрдө пайдаланууга укуктуу.

Колдонуу мөөнөтүнүн ичинде билдирүү кайра чакырылып алынышы мүмкүн эмес, ал эми чыгарманы пайдалануунун анда каралган шарттары өзгөртүлүшү мүмкүн эмес.

*(КР 2017-жылдын 9-мартындагы № 42, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**31-статья. Автордук келишимдин шарттары**

1. Автордук келишим:

1) чыгарманы пайдалануунун ыкмаларын (сөз болуп жаткан келишимге ылайык өткөрүлүп бериле турган айкын укуктар);

2) укуктун өткөрүлүп берилген мөөнөтүн жана аймагын;

3) чыгарманы пайдалануунун ар бир ыкмасы үчүн сый акынын өлчөмүн жана (же) сый акынын өлчөмүн аныктоонун тартибин, аны төлөп берүүнүн тартибин жана мөөнөтүн;

4) тараптар көрсөтүлгөн келишим үчүн маанилүү деп эсептеген башка шарттарды эсепке алууга тийиш.

Укуктун өткөрүлүп берилип жаткан мөөнөтү тууралуу шарттар автордук келишимде жок болгон шартта эгерде пайдалануучу келишимди жокко чыгарууга чейин алты ай мурда кат жүзүндө кабардар болгон болсо, келишим аны түзгөндөн беш жыл өткөн соң автор тарабынан жокко чыгарылышы мүмкүн.

Узак мөөнөткө түзүлгөн автордук келишим эгерде пайдалануучу келишим жокко чыгарылганга чейин алты ай мурда ушул тууралы кат жүзүндө кабардар болсо, келишим түзүлгөн күндөн он жыл өткөн соң автор тарабынан жокко чыгарылышы мүмкүн. Ушул Мыйзамдын 30-статьясынын 5-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, мындай укук автордо ар бир он жылда пайда болот.

Автордук келишимде укуктун өткөрүлүп бериле турган аймагы тууралу шарт көрсөтүлбөгөн болсо, анда келишим боюнча өткөрүлүп берилген укуктун аракети Кыргыз Республикасынын аймагы менен чектелет.

2. Чыгарманы пайдалануу боюнча автордук келишим аркылуу түздөн-түз өткөрүлүп берилбеген укуктар өткөрүлүп берилген жок деп эсептелет.

Келишим түзүү учурунда белгилүү болбогон чыгарманы пайдалануу укугу автордук келишимдин заты боло албайт.

3. Сый акы автордук келишимде чыгарманы пайдалануунун тиешелүү ыкмасы үчүн келип түшкөн кирешенин проценти түрүндө, же эгерде чыгарманын мүнөзүнө же аны пайдалануунун өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу андай кылууга мүмкүн болбосо келишимде так көрсөтүлгөн суммада же башка жолдор менен аныкталат.

Автордук сый акынын минималдуу өлчөмдөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат. Автордук сый акынын минималдуу өлчөмдөрү эмгек акынын минималдуу өлчөмдөрү менен кошо индекстелет.

Эгерде чыгарманы басып чыгаруу же дагы башкача чыгаруу тууралуусындагы автордук келишимде сый акы так сумма түрүндө аныкталса, анда келишимде чыгарманын максималдуу тиражы белгиленүүгө тийиш.

4. Автордук келишим аркылуу өткөрүлүп берилген укуктар келишимде түздөн-түз көрсөтүлгөн учурда гана башка адамдарга толугу менен же жарым-жартылай өткөрүлүп берилиши мүмкүн.

5. Автор келечекте жаратышы мүмкүн болгон чыгарманы пайдалануу укугу автордук келишимдин заты боло албайт.

6. Автордун көрсөтүлгөн темада же көрсөтүлгөн тармакта чыгарма жаратуусуна чек койгон автордук келишимдин шарттары жараксыз деп табылат.

7. Автордук келишимдин ушул Мыйзамдын жоболоруна каршы келген шарттары жараксыз деп табылат.

8. Автордук келишим боюнча бекитилген милдеттерин аткарбаган же тиешелүү түрдө аткарбаган тарап башка тарапка келтирилген чыгашанын ордун толтурууга милдеттүү.

*(КР 2017-жылдын 9-мартындагы № 42, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**31[1]-статья. ЭЭМ үчүн программага же маалыматтар базасына өзгөчө укуктан ажыратуу жөнүндө келишим. Лицензиялык келишим**

1. Чыгармага өзгөчө укуктан ажыратуу жөнүндө келишим боюнча автор же башка укук ээси чыгармага өзүнө таандык болгон өзгөчө укугун бул укукту алуучуга толугу менен өткөрүп берет же өткөрүп берүүгө милдеттенет.

2. Лицензиялык келишим жазуу жүзүндө түзүлөт жана төмөнкүдөй шарттарды камтууга тийиш:

1) өткөрүп берүүчү укуктардын көлөмүн жана ЭЭМ үчүн программаны же маалыматтар базасын пайдалануу ыкмасын;

2) сый акы төлөө тартибин жана өлчөмүн;

3) пайдалануу аймагын;

4) келишимдин колдонулушунун мөөнөтүн.

3. Мүлктүк укуктардан ажыратуу жөнүндө келишим же ЭЭМ үчүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталган программага же маалыматтар базасына лицензиялык келишим ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда милдеттүү түрдө катталууга тийиш.

4. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталбаган ЭЭМ үчүн программага же маалыматтар базасына мүлктүк укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө келишим тараптардын макулдашуусу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталышы мүмкүн.

*(КР 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**32-статья. Автордук келишимдин формасы**

1. Автордук келишим жазуу жүзүндө түзүлүүгө тийиш. Чыгарманы мезгилдүү басма сөздө пайдалануу жөнүндөгү автордук келишим ооз эки түрдө түзүлүшү мүмкүн.

2. ЭЭМ үчүн программалардын жана маалымат базаларынын нускаларын сатууда жана жалпы пайдалануучулар үчүн аларды пайдаланууга жол ачып берүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген келишим түзүүнүн өзгөчө тартибине уруксат берилет.

3. Автордук келишим тараптардын макулдашуусу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталышы мүмкүн. Келишимдерди каттоо үчүн каттоо жыйымдары Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзамдарына ылайык алынат.

ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган автордук келишимдердин үлгүлөрүн иштеп чыгат.

*(КР 2020-жылдын 23-мартындагы № 29, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**33-статья. Буюртманын автордук келишими**

1. Буюртма келишими боюнча жаратылган чыгармага карата жекече мүлктүк эмес укуктар авторго таандык.

2. Буюртмалык чыгарманы пайдаланууга карата өзгөчө укуктар буюртманын автордук келишиминде көрсөтүлгөн тарапка таандык.

3. Буюртманын автордук келишими боюнча автор чыгарманы келишимдин шарттарына ылайык жаратууга жана аны буюртмачыга берүүгө милдеттенет.

4. Буюртмачы келишим менен шартталган сый акынын эсебинен авторго аванс төлөп берүүгө милдеттүү. Аванстын өлчөмү, тартиби жана аны төлөп берүүнүн мөөнөтү тараптардын макулдашуусу боюнча белгиленет.

5. Эгерде автор буюртма чыгарманы буюртма келишиминин шарттарына ылайык өткөрүп бербесе ал буюртмачыга келтирген чыныгы зыяндын ордун толтурууга милдеттүү.

**33$^{1}$-статья. Мамлекеттик каражаттардын эсебинен түзүлгөн чыгармага карата мүлктүк укуктар**

1. Мамлекеттик каражаттардын эсебинен түзүлгөн, мамлекеттик жана муниципалдык муктаждыктарды канааттандыруу үчүн багытталган чыгармага карата мүлктүк укуктар, эгерде келишимде башкача каралбаса, Кыргыз Республикасына таандык болот.

2. Эгерде мамлекеттик каражаттардын эсебинен түзүлгөн чыгармага мүлктүк укуктар ушул статьянын 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасына таандык болбосо, анда укук ээси Кыргыз Республикасынын талабы боюнча чыгарманы мамлекеттик же муниципалдык муктаждыктарды канааттандыруу үчүн пайдаланууга акысыз (өзгөчөлөнтүлбөгөн) лицензия көрсөтүүгө милдеттүү.

*(КР 2017-жылдын 9-мартындагы № 42 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## III бөлүм
## Чектеш укуктар

### 34-статья. Чектеш укуктардын аракет чөйрөсү

Эгерде:

1) аткаруучу Кыргыз Республикасынын граждaны болуп эсептелсе;

2) аткаруу, коюлган оюн алгачкы ирет Кыргыз Республикасынын аймагында болсо;

3) аткаруу, коюлган оюн ушул статьянын 2-бөлүгүнүн жоболоруна ылайык корголо турган фонограммага жазылса;

4) фонограммага жазылбаган аткаруу, коюлган оюн ушул статьянын 3-бөлүгүнүн жоболоруна ылайык корголо турган эфирге же кабель боюнча берүүгө киргизилген болсо, аткаруучунун укуктары ушул Мыйзамга ылайык таанылат.

2. Эгерде:

1) фонограмманы жасап чыгаруучу Кыргыз Республикасынын граждaны болсо же Кыргыз Республикасынын аймагында расмий турган жери бар юридикалык жак болсо;

2) фонограмма алгачкы ирет Кыргыз Республикасынын аймагында жарыяланса фонограмманы жасап чыгаруучунун укуктары, ушул Мыйзамга ылайык таанылат. Фонограмма ошондой эле эгерде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жакта жарыяланган күндөн кийин 30 күн ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында жарыяланса, ал фонограмма Кыргыз Республикасынын аймагында алгач ирет жарыяланган деп эсептелинет.

3. Эгерде ал уюмдун расмий турган жери Кыргыз Республикасынын аймагында болсо жана өз берүүлөрүн Кыргыз Республикасынын аймагында жайгаштырылган бергичтердин жардамы аркылуу иш жүзүнө ашырып жатса, эфирдик же кабелдик уктуруу уюмунун укуктары, ушул Мыйзамга ылайык ага таандык деп таанылат.

4. Чет өлкөлүк аткаруучулардын, фонограмма жасап чыгаруучулардын, эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдарынын укуктары Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык таанылат.

### 35-статья. Чектеш укуктардын объектилери

Чектеш укуктар коюлган оюндарга, аткарууларга, фонограммаларга, эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдарынын берүүлөрүнө, алардын арналышына, мазмунуна жана кадыр-баркына, ошондой эле туюнтуунун ыкмасына жана формасына карабастан жайылтылат.

### 36-статья. Чектеш укуктардын субъектилери

1. Чектеш укуктардын субъектилери болуп аткаруучулар, фонограммаларды чыгаруучулар, эфирдик же кабелдик уктуруу уюмдары саналат.

2. Фонограмманы чыгаруучу, эфирдик же кабелдик уктуруу уюму өздөрүнүн ушул бөлүмдө көрсөтүлгөн укуктарын фонограммага жазылган же эфирде же кабель боюнча берилүүчү чыгарманын аткаруучусу жана автору менен түзүлгөн келишим боюнча алган укуктарынын чегинде иш жүзүнө ашырышат.

Коюлган оюнду пайдаланууга спектаклдин коюучу режиссерунан-алынган уруксат коюлган оюнга катышкан башка аткаруучулардан, ошондой эле аткарылуучу чыгарманын авторунан уруксат алуу зарылдыгын шарттайт.

3. Аткаруучу аткарылып жаткан чыгарманын авторунун укуктарын сактаган шартта гана ушул бөлүмдө көрсөтүлгөн укуктарды иш жүзүнө ашыра алат.

4. Чектеш укуктардын пайда болушу жана аларды иш жүзүнө ашыруу үчүн кандайдыр-бир жол-жоболорду сактоо талап кылынбайт. Фонограмманы чыгаруучу жана аткаруучу өздөрүнүн укуктарын маалымдоо үчүн фонограмманын ар бир нускасына жана (же) ал сакталып турган ар бир кутуда жазылып, үч элементтен:

тегерекчедеги "Р" латын тамгасынан - Р ;

өзгөчө чектеш укуктардын ээсинин атынан (аталышынан);

фонограмманын биринчи жарыяланган жылы турган чектеш укуктардын коргоо белгисин колдонууга укуктуу.

*5. (КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

6. Укуктарды өткөрүп берүү жөнүндө аткаруучу менен фонограмма чыгаруучунун келишимдерине карата, эгер берилүүчү укуктардын маңызынан башкалары келип чыкпаса, ушул Мыйзамдын автордук келишим жөнүндө жоболору колдонулат.

*(КР 1999-жылдын 6-ноябрындагы № 120, 2011-жылдын 27-июнундагы № 58 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 37-статья. Аткаруучунун укуктары

1. Аткаруучуга ушул Мыйзамда каралгандан башка учурларда, анын аткаруусуна жана койгон оюнуна карата төмөндөгү жекече мүлктүк эмес жана мүлктүк укуктар таандык; ысымга болгон укук;

аткарууну же коюлган оюнду ар кандай бурмалоодон же аткаруучунун аброюна жана беделине зыян келтирүүгө жөндөмдүү башка кол салуудан коргоо укугу;

аткарууну же коюлган оюнду пайдалануунун ар бир түрү үчүн сый акы алуу укугун кошо эсептегенде аткарууну же коюлган оюнду ар кандай формада пайдаланууга укугу.

2. Аткарууну же коюлган оюнду пайдаланууга карата өзгөчө укук төмөндөгү:

1) эгерде берүү үчүн пайдаланылуучу аткаруу же коюлган оюн мурда эфирге берилбесе же жазманы пайдалануу менен жүзөгө ашырылбаса, аткарууну же коюлган оюнду эфирге берүү же кабель аркылуу жалпыга маалымдоо үчүн кабарлоо;

2) мурда жазылбаган аткарууну же коюлган оюнду жазуу;

3) аткаруунун же коюлган оюнду жазмасын кайра чыгаруу;

4) аткаруунун же коюлган оюндун жазмасын, эгерде ушул жазма алгач ирет коммерциялык максаттар үчүн чыгарылбаса, эфирге же кабель аркылуу берүү;

5) аткаруучунун катышуусу менен аткаруу же коюлган оюн жазылган, коммерциялык максатта жарыяланган фонограмманы прокатка берүү сыяктуу аракеттерди иш жүзүнө ашыруу, иш жүзүнө ашырууга уруксат берүү же тыюу салуу укугун билдирет. Ушул укук аткарууну же коюлган оюнду фонограммага жазуу боюнча келишим түзүлгөн учурда фонограмманы чыгаруучуга өтөт; мында аткаруучу мындай фонограммалардын нускаларын прокатка бергендиги үчүн сый акы алуу укугун өзүнө сактап калат (ушул Мыйзамдын 39-статьясынын 2-бөлүгү);

6) аткаруунун же оюндун жазуусу жалпыга маалымдоо үчүн бардык адамдар аткаруунун же оюндун жазуусуна ар кандай жерден жана каалаган учурда өзүнүн тандоосу боюнча ага мүмкүнчүлүк ала турган билдирүүнү (жалпыга маалымдоого жеткирүү укугу);

7) фонограммага жазылган аткаруунун же оюндун түпнускасын же нускаларын сатуу же менчик укугун башка жол менен берүү аркылуу жайылтууга болот. Эгер фонограммага жазылган аткаруунун же оюндун түпнускасы же нускалары, сатуу же менчик укугун башка жол менен берүү аркылуу жарандык колдонууга укуктуу киргизилсе, аларды аткаруучунун макулдугусуз жана сый акы төлөбөй эле Кыргыз Республикасынын аймагында андан ары жайылтууга жол берилет.

3. Ушул статьянын 2-бөлүгүнүн 3-пунктунда каралган аткаруучунун өзгөчө укугу:

аткаруунун же коюлган оюндун алгачкы жазмасы аткаруучунун макулдугу боюнча жазылган;

аткарууну же көрмө чыгарманы кайра чыгаруу аткарууну же коюлган оюнду жазууда аткаруучунун макулдугун алууга себеп болгон максат үчүн иш жүзүнө ашырылган;

аткарууну же коюлган оюнду кайра чыгаруу ушул Мыйзамдын 42-статьясынын жоболоруна ылайык жазууну жүргүзүүгө себеп болгон максаттар үчүн иш жүзүнө ашырылган учурларга карата колдонулбайт.

4. Ушул статьянын 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн уруксаттар аткаруучу тарабынан берилет, ал эми аткаруучулардын жамааты тарабынан аткарылган учурда пайдалануучу менен жазуу жүзүндө келишим түзүү аркылуу мындай жамааттын жетекчиси тарабынан берилет.

5. Эгерде аткаруучунун эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдары менен түзүлгөн келишиминде түздөн-түз каралбаса, ушул статьянын 2-бөлүгүнүн 1, 2 жана 3-пункттарында көрсөтүлгөн, аткарууларды же коюлган оюндарды кийин берүүгө, берүүлөр үчүн жазма иштерин жүргүзүүгө же мындай жазманы эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдарынын кайра чыгаруусуна карата берилген уруксаттар талап кылынбайт. Мындай пайдалануу үчүн аткаруучуга бериле турган сый акынын өлчөмү да ушул келишимде белгиленет.

6. Аудиовизуалдык чыгарманын аткаруучусу менен даярдоочусунун ортосундагы аудиовизуалдык чыгарманы жаратуу боюнча түзүлгөн келишим

аткаруучу тарабынан ушул статьянын 2-бөлүгүнүн 1, 2, 3 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн укуктарды өткөрүп берүүгө алып келет.

Аткаруучу тарабынан мындай укуктарды берүү аудиовизуалдык чыгарманы пайдалануу менен чектелет жана эгерде келишимде башкача белгиленбесе, аудиовизуалдык чыгармада жазылган үндү же сүрөттөмөнү өзүнчө пайдаланууга карата укукту өзүнө камтыбайт.

7. Аткаруучунун ушул статьянын 2-бөлүгүндө каралган өзгөчө укуктары келишим боюнча башка адамдарга өткөрүлүп бериши мүмкүн.

8. Өзгөчө укуктарды өткөрүп берүү жөнүндөгү келишим ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталышы мүмкүн. Келишимдерди каттоо үчүн каттоо жыйымдары Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзамдарына ылайык алынат.

*(КР 2008-жылдын 5-августундагы № 197, 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2020-жылдын 23-мартындагы № 29, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**38-статья. Фонограмманы даярдоочунун укуктары**

1. Ушул Мыйзамда каралгандан башка учурларда, фонограмманы чыгаруучуга анын фонограммасына карата фонограмманы каалагандай формада колдонуу боюнча өзгөчө укуктар фонограмманы колдонуунун ар бир түрү үчүн сый акы алуу укугу менен чогуу таандык кылынат.

2. Фонограммаларды пайдалануу боюнча өзгөчө укук төмөндөгү:

1) фонограмманы, түз же кыйыр түрдө кайта жазуу;

2) фонограмманы кайра оңдоо же каалагандай ыкма менен кайра иштеп чыгуу;

3) фонограмманын нускаларын таратуу, башкача айтканда аларды сатуу, прокатка берүү жана дагы ушу сыяктуулар;

4) фонограмманы даярдоочунун уруксаты менен даярдалган нускаларын кошо эсептегенде фонограмманы таратуу максатында анын нускаларын импорттоо сыяктуу аракеттерди ишке ашыруу же ишке ашырууга уруксат берүү укугу дегенди билдирет;

5) фонограмманы жалпыга маалымдоо үчүн бардык адамдар фонограммага ар кандай жерден жана каалаган учурда өзүнүн тандоосу боюнча ага жете алгандай мүмкүнчүлүк ала алат (жалпыга маалымдоого жеткирүү укугу);

6) фонограмманы эфирде же кабель боюнча берүү.

3. Эгерде мыйзамдуу түрдө жарыяланган фонограмманын нускалары аларды сатуу аркылуу граждандык карым-катнашка киргизилсе, анда фонограмманы даярдоочунун макулдугусуз жана сый акы төлөбөстөн аларды андан ары таратууга жол берилет.

Фонограмманын нускаларын аларды прокатка берүү жолу менен таратуу укугу, ал нускаларга карата менчик укугуна карабастан, фонограмманы чыгаруучуга таандык кылынат.

4. Фонограмманы даярдоочунун ушул статьянын 2-бөлүгүндө каралган өзгөчө укуктары келишим боюнча башка адамдарга өткөрүлүп бериши мүмкүн.

5. Өзгөчө укуктарды өткөрүп берүү жөнүндөгү келишим ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда катталышы мүмкүн. Келишимдерди каттоо үчүн каттоо жыйымдары Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзамдарына ылайык алынат.

*(КР 2008-жылдын 5-августундагы № 197, 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2020-жылдын 23-мартындагы № 29, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**39-статья. Фонограмманы даярдоочунун жана аткаруучунун макулдугусуз коммерциялык максаттарда жарыяланган фонограммаларды пайдалануу**

1. Ушул Мыйзамда 37 жана 38-статьяларынын жоболорунан алуу менен коммерциялык максатта жарыяланган фонограмманы чыгаруучунун жана аткаруусу мындай фонограммага жазылган аткаруучунун макулдугун албастан, бирок сый акы төлөө менен:

1) фонограмманы жалпы эл алдында аткарууга;

2) фонограмманы эфирге берүүгө;

3) фонограмманын жалпыга маалымдоо үчүн кабель аркылуу кабарлоого жол берилет.

Жалпыга маалымдалган фонограммалар коммерциялык максатта жарыялангандарга теңештирилет.

2. Ушул статьянын 1-бөлүгүндө каралган сый акыны чогултуу, бөлүштүрүү жана төлөп берүү фонограммаларды даярдоочулардын жана аткаруучулардын укуктарын жамааттык негизде башкаруучу уюмдардын бири (ушул Мыйзамдын 44-статьясы) тарабынан ушул уюмдардын ортосундагы келишимге ылайык иш жүзүнө ашырылат. Эгерде ал келишимде башкача жагдайлар каралбаса, анда сөз болуп жаткан сый акы фонограмманы даярдоочулар менен аткаруучулардын ортосунда тең бөлүштүрүлөт.

3. Сый акынын өлчөмү жана аны төлөөнүн шарты, бир жагынан, фонограмманы пайдалануучу же ушундай пайдалануучулардын бирикмелери (ассоциациялары) менен, экинчи жагынан, фонограммаларды даярдоочулардын жана аткаруучулардын укуктарын башкаруу боюнча уюмдардын ортосундагы макулдашуу менен аныкталат, ал эми, эгерде тараптар мындай макулдашууга жетише албаган учурда - ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Сый акынын өлчөмү фонограмманы пайдалануунун ар бир түрү үчүн өзүнчө белгиленет.

4. Фонограммаларды пайдалануучулар ушул статьянын 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн уюмга фонограммалардын пайдаланылган саны жөнүндө так маалыматы бар программаларды, ошондой эле сый акыларды чогултуу жана

бөлүштүрүү үчүн зарыл болгон башка маалыматтар менен документтерди берүүгө тийиш.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2014-жылдын 21-январындагы № 14, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**40-статья. Эфирдик уктуруу уюмдарынын укуктары**

1. Ушул Мыйзамда каралгандан башка учурларда, эфирдик уктуруу уюмуна анын берүүлөрүнө карата берүүнү кандай гана түрдө болбосун колдонуу жана берүүлөрдү пайдаланууга уруксат берүү боюнча өзгөчө укуктар ушундай уруксатты берүү үчүн сый акы алуу укугу менен чогуу таандык кылынат.

2. Берүүлөрдү пайдаланууга уруксат берүү боюнча өзгөчө укуктар эфирдик уктуруу уюмдарына төмөндөгү:

1) уктуруу уюмунун берүүсүн бир эле мезгилде башка эфирдик уктуруу уюмунун эфирге берүүсүн;

2) берүүнү жалпыга маалымдоо үчүн кабель аркылуу кабарлоо;

3) берүүнү жазып алуу ;

4) берүүнүн жазмасын кайра чыгаруу;

5) берүүнү жалпыга маалымдоо үчүн акы төлөп кирүүчү жайларда кабарлоо сыяктуу аракеттерди жүзөгө ашырууга уруксат берүү укугун билдирет.

3. Ушул статьянын 2-бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган эфирдик уктуруу уюмунун өзгөчө укуктары:

берүүнүн жазмасы эфирдик уктуруу уюмунун макулдугу менен жүргүзүлгөн;

берүүнү кайра чыгаруу ушул Мыйзамдын 42-статьясынын жоболоруна ылайык анын жазмасын жүргүзүүгө себеп болгон максаттарды көздөп иш жүзүнө ашырылган учурларга жайылтылбайт.

**41-статья. Кабелдик уктуруу уюмдарынын укуктары**

1. Ушул Мыйзамда каралгандан башка учурларда, кабелдик уктуруу уюмуна анын берүүсүнө карата берүүнү каалагандай формада колдонуу жана берүүнү пайдаланууга уруксат берүү боюнча өзгөчө укуктар, мындай уруксатты бергендиги үчүн сый акы алуу укугу менен чогуу таандык кылынат.

2. Берүүнү пайдаланууга уруксат берүү боюнча өзгөчө укуктар кабелдик уктуруу уюмдарынын төмөндөгү аракеттерди:

1) уктуруу уюмунун берүүсүн жалпыга маалымдоо үчүн бир эле учурда кабелдик уктуруунун башка уюмуна кабарлоо;

2) берүүнү эфирге берүү;

3) берүүнү жазуу;

4) берүүнүн жазмасын кайра чыгаруу;

5) берүүнү жалпыга маалымдоо үчүн акы төлөп кирүүчү жайларда кабарлоо сыяктуу жүзөгө ашырууга берген уруксатын билдирет.

3. Кабелдик уктуруу уюмдарынын ушул статьянын 2-бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган өзгөчө укуктары:

берүүнүн жазмасы кабелдик уктуруу уюмунун макулдугу менен жүргүзүлгөн;

берүүнү кайра чыгаруу анын жазмасы ушул Мыйзамдын 42-статьясынын жоболоруна ылайык жүргүзүлгөн максаттарды көздөп жүзөгө ашырылган учурларга жайылтылбайт.

**42-статья. Аткаруучунун, фонограмманы даярдоочунун, эфирдик же кабелдик уктуруу уюмунун укуктарын чектөө**

1. Ушул Мыйзамдын 37-41-статьяларынын жоболорунан четтөө менен аткаруучунун жана фонограмманы чыгаруучунун, эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдарынын макулдугун албастан жана сый акы төлөбөстөн аткарууларды, коюлган оюндарды эфирге берүүлөрдү, кабель аркылуу берүүлөрдү жана алардын жазмаларын пайдаланууга, ошондой эле фонограммаларды кайта чыгарууга:

1) аткаруудан, коюлган оюндан, фонограммадан, эфирге же кабель аркылуу берүүдөн чакан үзүндүлөрдү учурдагы окуялар тууралуу баяндамага киргизүү үчүн;

2) жалаң гана окутуу же илимий изилдөө максатында;

3) цитаталоо маалымдоо максатында келтирилген шартта аткаруудан, коюлган оюндан, фонограммадан, эфирде же кабель аркылуу берүүдөн чакан үзүндүлөр түрүндө цитаталарды келтирүү үчүн жол берилет. Мында эфирдик же кабель аркылуу уктуруу уюму тарабынан коммерциялык максатта жарыяланган фонограмманын нускаларын эфирге же кабель аркылуу берүүгө ар кандай пайдаланылышы ушул Мыйзамдын 39-статьясынын жоболорун сактаган учурда гана мүмкүн болот.

4) адабияттын, илимдин жана искусствонун чыгармаларынын авторунун мүлктүк укуктарын чектөө жагынан ушул Мыйзамдын 18-25-статьяларынын жоболору менен белгиленген башка учурларда жол берилет.

2. Ушул Мыйзамдын 37-41-статьяларын жоболорунан алуу менен аткаруучунун, фонограмманы даярдоочунун, эфирдик же кабелдик уктуруу уюмдарынын макулдугун албастан берүүнү жана анын жазмасын эфирге же кабель аркылуу берүүдө пайдаланууга, ошондой эле фонограмманы жеке максатта кайра чыгарууга жол берилет. Фонограмманы кайра чыгарууга ушул Мыйзамдын 26-статьясына ылайык сый акы төлөө шартында жол берилет.

3. Эгерде кыска мөөнөткө пайдалануу үчүн жазып алуу же кайра чыгаруу эфирдик же кабелдик уктуруу уюмунун өз жабдууларынын жардамы менен жана өз берүүлөрү үчүн ишке ашырылса, ушул Мыйзамдын 37-, 38-, 40- жана 41-статьяларынын жоболору аткаруучунун, даярдоочунун жана эфирдик уктуруу уюмунун аткарууну, коюлган оюнду жана берүүнү кыска мөөнөткө пайдалануу үчүн жазып алууга, мындай жазмаларды кайра чыгарууга жана коммерциялык максатта жарыяланган фонограмманы пайдаланууга уруксатын алууга карата:

1) ушул бөлүктүн жоболоруна ылайык жазманы кыска мөөнөткө пайдалануу же мындай жазманы кайра жазуу иш жүзүнө ашырылып жаткан коюлган оюндун өзүн, аткарууну же берүүнү эфирге берүүгө эфирдик уктуруу уюму тарабынан алдын-ала уруксат алынган;

2) ушул Мыйзамдын 24-статьясынын жоболоруна ылайык эфирдик уктуруу уюму тарабынан адабияттын, илимдин жана искусствонун чыгармаларын кыска мөөнөткө пайдаланууга жазып алууга карата белгиленүүчү мөөнөттүн чегинде, жазманын өзгөчө документалдык мүнөзүнүн негизинде расмий архивдерде сакталууга тийиш болгон бирден-бир нускасынан башкасы жок кылынган шарттарда колдонулбайт.

4. Ушул статьяда каралган чектөөлөр фонограмманы, аткарууну, коюлган оюнду, эфирге же кабель аркылуу берүүлөрдү жана алардын жазмаларын, ошондой эле аларга кошулган адабият, илим жана искусство чыгармаларын нормалдуу пайдаланууга зыян келтирбестен жана аткаруучунун, фонограмманы чыгаруучунун, эфирдик же кабелдик уктуруу уюмунун жана көрсөтүлгөн чыгармалардын авторлорунун мыйзамдуу таламдарын чектебестен колдонулат.

**43-статья. Чектеш укуктардын колдонулуш мөөнөтү**

1. Ушул бөлүмдө каралган аткаруучуга тиешелүү укуктар алгачкы аткаруудан же коюлган оюндан кийин 50 жыл бою күчүндө болот.

Аткаруучунун ысым алып жүрүүгө жана аткарууну же коюлган оюнду ушул Мыйзамдын 37-статьясында белгиленген ар кандай бурмалоолордон же башка кол салуулардан сактоо укуктары чексиз корголот.

2. Ушул бөлүмдө фонограмманы чыгаруучуга карата белгиленген укуктар фонограмманын биринчи жарыяланышынан кийин 50 жыл бою же эгерде ушул мөөнөттүн ичинде фонограмма жарыяланбаса фонограмманын биринчи жазмасынан кийин 50 жыл бою күчүндө болот.

3. Ушул бөлүмдө каралган эфирдик уктуруу уюмуна тиешелүү укуктар берүү ушундай уюм тарабынан эфирге биринчи ирет берилгенден кийин 50 жыл бою күчүндө болот.

4. Ушул бөлүмдө каралган кабелдик уктуруу уюмуна тиешелүү укуктар берүү ушундай уюм тарабынан кабель аркылуу биринчи берилгенден кийин 50 жыл бою күчүндө болот.

5. Ушул статьянын 1, 2, 3 жана 4-бөлүктөрүндө каралган мөөнөттөрдү эсептөө мөөнөттүн өтүшүнүн башталышы үчүн негиз болуп саналуучу юридикалык факт болгон жылдан кийинки жылдын 1-январынан башталат.

6. Эгерде аткаруучу репрессияланып, өлгөндөн кийин акталган учурда ушул статьяда каралган укуктардын коргоо мөөнөтү акталгандан кийинки жылдын 1-январынан баштап аракетке кирет.

7. Аткаруучунун, фонограмманы чыгаруучунун, эфирдик же кабелдик уктуруу уюмунун мураскерлерине (юридикалык тарапка карата - укук мурастоочуларга) аткарууну, коюлган оюнду, фонограмманы, эфирге же кабель аркылуу берүүнү пайдаланууга уруксат берүү жана ушул статьянын 1, 2, 3 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн мөөнөттүн калган бөлүгүнүн чегинде сый акы алуу укугу өтөт.

## IV бөлүм
## Мүлктүк укуктарды жамааттык башкаруу

### 44-статья. Мүлктүк укуктарды жамааттык башкаруунун максаты

1. Авторлордун, аткаруучулардын, фонограммаларды даярдоочулардын жана автордук жана чектеш укуктардын башка ээлеринин мүлктүк укуктарын камсыз кылуу максатында, аларды жекече түрдө иш жүзүндө турмушка ашыруу кыйын болгон учурларда (жалпы эл алдында, анын ичинде радиодо жана теле көрсөтүүдө аткаруу, чыгарманы механикалык, магниттик жана башка жазмада кайра чыгаруу, репродукциялоо жана башка учурлар), көрсөтүлгөн адамдардын мүлктүк укуктарын жамааттык негизде башкаруучу уюмдар түзүлүшү мүмкүн.

Мындай уюмдар түздөн-түз автордук жана чектеш укуктардын ээлери тарабынан түзүлөт да, мыйзамдуулук тарабынан белгиленген тартипте бекитилүүчү уставдын негизинде алардан алган ыйгарым укуктардын чегинде аракеттенишет. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкарган уюмдун уставы ушул Мыйзамдын талаптарына жооп бере турган жоболорду өз ичине камтууга тийиш. Авторлордун укуктарын жамааттык негизде башкарган уюмдарды каттоодон баш тартууга ушул Мыйзамдын талаптары бузулган учурда, ошондой эле коомдук уюмдарды каттоо тартибин белгилеген мыйзам жоболору бузулган учурда жол берилет.

2. Кыргыз Республикасынын аймагында жамааттык негизде мүлктүк укуктарды башкаруучу уюмдарды түзүүгө жол берилет, бирок укуктардын же укук ээлеринин бир категориясын башкаруу боюнча бирден ашык уюм болбоого тийиш.

Жамааттык негизде мүлктүк укуктарды башкаруучу уюмду түзүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын макулдугу менен ишке ашырылат.

3. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмдар укуктардын төмөнкү категорияларын башкаруу үчүн түзүлүшү мүмкүн:

1) жарыяланган музыкалык чыгармаларга (тексти бар же тексти жок) жана музыкалык-драмалык чыгармалардын үзүндүлөрүн жалпы эл алдында аткарууга, эфирге же кабель боюнча, анын ичинде ретрансляциялоо жолу менен кабарлоого карата өзгөчө укуктарды башкаруу;

2) аудиовизуалдык чыгармада пайдаланылган музыкалык чыгармалардын (тексти бар же тексти жок) авторлору болуп саналган композиторлордун мындай аудиовизуалдык чыгарманы жалпы эл алдында аткаруу же эфирге же кабель боюнча кабарлоо үчүн сыйакы алууга укуктарын жүзөгө ашыруу;

3) сүрөт искусствосунун чыгармаларына карата жолун жолдоо укугун башкаруу;

4) авторлордун, аткаруучулардын, фонограммаларды жана аудиовизуалдык чыгармаларды чыгаруучулардын жеке өзүнүн максатында фонограммаларды жана аудиовизуалдык чыгармаларды кайра чыгаргандыгы үчүн сыйакы алууга укуктарын жүзөгө ашыруу;

5) аткаруучулардын жалпы эл алдында аткаруу, ошондой эле коммерциялык максатта жарыяланган фонограммаларды эфирге же кабель боюнча кабарлоо үчүн сый акы алууга укуктарын жүзөгө ашыруу;

6) фонограммаларды даярдоочулардын жалпы эл алдында аткаруу, ошондой эле коммерциялык максатта жарыяланган фонограммаларды эфирге же кабель боюнча кабарлоо үчүн сый акы алууга укуктарын жүзөгө ашыруу.

*(КР 1999-жылдын 6-ноябрындагы № 120, 2014-жылдын 21-январындагы № 14, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**45-статья. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмдар**

1. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруу боюнча ыйгарым укуктар мүлктүк укуктарды укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмга автордук жана чектеш укуктардын ээлери тарабынан кат жүзүндөгү келишимдердин же алардын мындай уюмга мүчөлүгүнүн негизинде, ошондой эле ушундай укуктарды башкаруучу чет өлкөлүк уюмдар менен тийиштүү түрдө түзүлгөн келишимдер боюнча ыктыярдуу түрдө өткөрүлүп берилет. Мындай келишимдер автордук келишим болуп саналбайт жана аларга ушул Мыйзамдын 30-33-статьяларынын жоболору жайылтылбайт.

Кандай гана автор болбосун, анын мураскери же ушул Мыйзамдын III бөлүмүнө ылайык корголуучу автордук жана чектеш укуктардын ээси өзүнүн мүлктүк укуктарын жүзөгө ашырууну мындай уюмга келишим боюнча өткөрүп берүүгө акылуу, ал эми уюм болсо, эгерде укуктардын ушундай категориясын башкаруу ушул уюмдун уставдык ишмердүүлүгүнө тиешелүү болсо ушул укуктарды жамааттык негизде жүзөгө ашырууну өз мойнуна алууга милдеттүү. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруу боюнча уюм коммерциялык иш менен алектенүүгө же жамааттык негизде башкаруу үчүн алынган чектеш укуктардын чыгармаларын жана объектилерин пайдаланууга акысы жок.

Жамааттык негизде мүлктүк укуктарды башкаруучу уюмдардын иш-аракети монополия катары каралбайт жана монополияга каршы мыйзамдарда белгиленген чектөөлөргө тиешеси жок.

2. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюм чектеш укуктардын чыгармаларын жана объектилерин пайдалануунун тийиштүү ыкмалары боюнча пайдалануучулар менен лицензиялык келишим түзөт. Мындай лицензиялык келишимдердин шарттары бир категориянын бардык пайдалануучулары үчүн бирдей болууга тийиш. Көрсөтүлгөн уюм пайдалануучу менен лицензиялык келишим түзүүдөн негизсиз баш тартууга акысы жок.

Мындай лицензиялык келишимдер чектеш укуктардын бардык чыгармалары менен объектилеринин аларда каралган ыкмалар менен пайдаланууга уруксат берет жана ушул статьянын 1-бөлүгүнө ылайык уюмга өз ыйгарым укуктарын өткөрүп бербегендерди кошкондо автордук жана чектеш укуктардын бардык ээлеринин атынан берилет.

Лицензиялык келишим түзгөн бардык пайдалануучулар тиешелүү тартипте мамлекеттик каттоону жүзөгө ашырууга жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда тиешелүү мамлекеттик каттоо күбөлүгүн алууга тийиш. Күбөлүктөрдүн

берилгендиги үчүн жыйым Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө мыйзамдарына ылайык алынат.

Автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин алардын чыгармаларын жана чектеш укуктардын объектилерин мындай лицензиялык келишимдер боюнча пайдалануу туурасындагы пайдалануучуларга карата мүлктүк дооматтары лицензиялык келишимдерди түзгөн уюм тарабынан жөнгө салынышы мүмкүн.

2[1]. Лицензиялык келишимдерди түзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 406-статьясына ылайык жүзөгө ашырылат.

3. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюм суроо түшпөгөн сый акыны бөлүштүрүлүүчү суммага кошуп же ал уюмдун эсебине келип түшкөн күндөн тартып үч жыл өткөнгө чейин өзү өкүлү болгон автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин кызыкчылыгында башка максаттарга жумшап сактап турууга укугу бар.

*(КР 1999-жылдын 6-ноябрындагы № 120, 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2020-жылдын 23-мартындагы № 29, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**46-статья. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкарган уюмдардын аткарган кызматы жана милдеттери**

1. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкарган уюм өзү өкүлү болгон автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин атынан жана алардан алган ыйгарым укуктардын негизинде төмөндөгү кызматтарды иш жүзүнө ашырат:

1) лицензиялык келишимдерде каралган сый акынын өлчөмүн жана башка шарттарды пайдалануучулар менен макулдашат;

2) башкаруусун мындай уюм жүргүзүп жаткан укуктарды пайдалануу боюнча пайдалануучулар менен лицензиялык келишимдерди түзөт;

3) ушул уюм лицензиялар лицензиялык келишим түзбөстөн жалаң сый акыны жыйноо менен гана иш жүргүзүүгө ыйгарым укук алган учурларда пайдалануучулар менен сый акынын өлчөмүн макулдашат (ушул Мыйзамдын 26-статьясы жана 39-статьясынын 2 жана 3-бөлүктөрү)

4) лицензиялык келишимдерде каралган сый акыны жана (же) ушул бөлүктүн 3-пунктунда каралган сый акыны жыйнайт;

5) жыйналган сый акыны уюмдун көрсөткөн автордук жана чектеш укуктардын ээлерине бөлүштүрөт жана төлөп берет;

6) башкаруусун ушундай уюм жүргүзүп жаткан укуктарды коргоо үчүн зарыл болгон ар кандай юридикалык аракеттерди жасайт;

7) автордук жана чектеш укуктардын ээлеринен алган ыйгарым укуктарга ылайык башка аракеттерди жүзөгө ашырат.

Ушул бөлүктүн 4 жана 5 пункттарында каралган милдеттерди жамааттык негизде мүлктүк укуктарды башкарган бирден ашык уюмдун аткаруусуна жол берилбейт.

2. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкарган уюм автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин кызыкчылыктары үчүн төмөндөгү милдеттерди аткарууга тийиш:

1) ушул статьянын 1-бөлүгүнүн 4-пунктунда ылайык жыйналган сый акыны жалаң гана автордук жана чектеш укуктардын ээлерине бөлүштүрүү жана төлөп берүү максатында пайдаланылат. Мында уюм жыйналган сый акыдан жыйноо, бөлүштүрүү жана төлөп берүү боюнча өзүнүн факт жүзүндө тарткан чыгымдарынын ордун толтурууга керек болуучу сумманы, ошондой эле ушул уюм тарабынан анын мүчөлөрүнүн чечими боюнча түзүлүүчү атайын фондуларга жумшалуучу сумманы бөлүп алууга укугу бар. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында чыгармаларды жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалануу үчүн интеллектуалдык менчик боюнча Мамлекеттик фондуга чегериле турган каражаттардын өлчөмү белгиленет;

2) сый акынын жыйналган суммасын ушул бөлүктүн 1-пунктунда көрсөтүлгөн сумманы бөлүп калуу менен чектеш укуктардын чыгармалары менен объектилерин факт жүзүндө пайдаланууга шайкеш келгидей бөлүштүрөт жана үзгүлтүксүз төлөп турат;

3) сый акыны төлөп берүү менен бир учурда автордук жана чектеш укуктардын ээлерине алардын укуктарын пайдалануу жөнүндө отчет берип турат.

3. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмга ушул статьянын 1-бөлүгүнүн 4-пунктунда ылайык сый акыны жыйноо боюнча ыйгарым укуктарды көрсөтпөгөн автордук жана чектеш укуктардын ээлери, ага берилүүгө тийиш болгон сый акыны төлөп берүүнү талап кылууга, ошондой эле ушул уюмдун пайдалануучуларга берип жаткан лицензияларынан өз чыгармаларын жана чектеш укуктардын объектилерин алып таштоого укугу бар.

*(КР 1999-жылдын 6-ноябрындагы № 120, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**47-статья. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмдардын ишин көзөмөлдөө**

1. Мүлктүк укуктарды жамааттык башкаруучу уюм анын ишине көзөмөл жүргүзгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга төмөндөгү:

1) мындай уюмдун уставына же башка уюштуруучу документтерине киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө;

2) мындай уюмдун ушуга окшош укуктарды башкаруучу чет өлкөлүк уюмдар менен түзүлүп жаткан эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдери жөнүндө;

3) жалпы чогулуштардын чечимдери жөнүндө;

4) суроо түшпөгөн сый акылар жана аудитордук текшерүүнүн натыйжалары тууралуу маалыматтар менен кошо жылдык баланс, жылдык отчет жөнүндө;

5) мындай уюмдун өкүлү боло турган адамдар жөнүндө маалыматтарды берип турууга тийиш.

2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул уюмдан анын ишинин ушул Мыйзамга, коомдук бирикмелер жөнүндөгү мыйзамдарга же башка мыйзамдарга,

ошондой эле ушул уюмдун уставына шайкеш келишин текшерүү үчүн зарыл болгон кошумча маалыматты талап кылууга укуктуу.

3. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмдар түзүлгөнгө чейин ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул Мыйзамдын 44-статьясынын 3-бөлүгүнүн 1-6-пункттарында көрсөтүлгөн укуктардын категорияларын башкаруу боюнча ушул уюмдардын иш-милдеттерин жана милдеттерин аткарат. Мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу уюмдардын иш-милдеттерин жана милдеттерин ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аткаруу ушул бөлүккө ылайык жүргүзүлөт.

*(КР 2014-жылдын 21-январындагы № 14, 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

## V бөлүм
## Автордук жана чектеш укуктарды коргоо

### 48-статья. Автордук жана чектеш укуктарды бузуу

Ушул Мыйзамда каралган автордук жана чектеш укуктарды бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандык, кылмыш-жаза жана башка жоопкерчилик келип чыгат.

*(КР 2023-жылдын 17-мартындагы № 62 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

### 49-статья. Автордук жана чектеш укуктарды коргоонун граждандык-укуктук жана башка чаралары

1. Өзгөчө автордук жана чектеш укуктарды коргоо сот тарабынан:

1) укуктарды таануу;

2) укук бузулганга чейинки абалды калыбына келтирүү;

3) укукту бузуучу же аны бузуу боюнча коркунуч түзүүчү аракеттерди токтотуу;

4) алынбай калган пайданы кошкондо, зыяндардын ордун толтуруу;

5) автордук жана чектеш укуктарды бузуунун натыйжасында укук бузуучу алган кирешени зыяндын ордун толтуруу иретинде өндүрүп берүү;

6) тарткан зыяндын ордун толтуруунун же кирешелерди өндүрүп алуунун ордуна, соттун чечими боюнча аныктала турган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген эсептешүү көрсөткүчүнүн 20 дан 50000ге чейинки өлчөмдөгү суммасында компенсация төлөтүү;

7) алардын укуктарын коргоого байланыштуу мыйзам актыларында каралган башка чараларды колдонуу аркылуу ишке ашырылат. Ушул бөлүктүн 4, 5, 6-пункттарында көрсөтүлгөн чаралар автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин тандоосу боюнча колдонулат.

2. Өз укуктарын коргоо үчүн өзгөчө автордук жана чектеш укуктардын ээлери, ошондой эле мүлктүк укуктарды жамааттык негизде башкаруучу алардын кызыкчылыгын көрсөткөн уюмдар, белгиленген тартипте сотко жана тийиштүү укук коргоо органдарына кайрылууга укуктуу.

3. Чыгармалардын же фонограммалардын контрафактылык нускалары соттун же судьянын жекече чечими боюнча милдеттүү түрдө конфискацияланууга жатат. Чыгармалардын же фонограммалардын конфискацияланган контрафактылык нускалары автордук жана чектеш укуктардын ээсинин өтүнүчү боюнча ага өткөрүлүп берилгенден башка учурларда, жок кылынууга тийиш. Сот же судья жеке өзү чыгармалардын жана фонограммалардын контрафактылык нускаларынын даярдоо жана кайра чыгаруу үчүн пайдаланылган материалдар менен жабдууларды конфискациялоо жөнүндө чечим чыгара алат.

4. Сүрөт искусство чыгармасынын түп нускасын, аудиовизуалдык чыгарманын кол жазмасын же акыркы вариантын (негативди, оригиналдуу жазманы) атайылап жок кылгандыгы же шалаакылыгынан улам жок кылгандыгы үчүн күнөөлүү болгон адам, автордун же чектеш укуктардын ээсинин талабы боюнча ушул статьянын 1-бөлүгүнүн талабына ылайык келтирилген материалдык жана моралдык зыяндардын ордун толтурууга милдеттүү.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58, 2021-жылдын 24-майындагы № 69 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)*

**50-статья. Автордук жана чектеш укуктарды бузуу жөнүндөгү иштер боюнча доону камсыз кылуунун жолдору**

1. Сот же судья жеке өзү жоопкерге же автордук же чектеш укуктарды бузуучу болуп саналат деп эсептөөгө толук негиз берген адамга айрым бир иш-аракетти жасоого (чыгармалар менен фонограммалардын контрафактылык болуп саналат деп божомолдогон нускаларын даярдоо, кайра чыгаруу, сатуу, прокатка берүү, импорттоо же ушул Мыйзамда каралган башка түрдө пайдалануу, ошондой эле граждандык пайдаланууга чыгаруу максатында ташуу, сактоо же ээлик кылуу) тыюу салуу жөнүндө аныктама чыгара алат.

2. Сот же судья жеке өзү чыгармалар менен фонограммалардын контрафактылык болуп саналат деп божомолдогон бардык нускаларына, ошондой эле аларды даярдоого жана кайра чыгарууга арналган материалдар менен жабдууларга камак салуу жана колдонуудан алып таштоо жөнүндө аныктама чыгара алат. Автордук жана чектеш укуктарды бузуу жөнүндө жетиштүү маалыматтар болгон кезде баштапкы тергөө органы, тергөөчү, сот же судья жеке өзү контрафактылык болуп саналган божомолдонгон чыгармалар менен фонограммалардын нускаларын, ошондой эле чыгармалар менен фонограммалардын көрсөтүлгөн нускаларын даярдоого жана кайра чыгарууга арналган материалдар менен жабдууларга, ошондой эле ушул Мыйзамды бузган иш-аракеттерге күбө болушу мүмкүн болгон документтерге издөө жана арест салуу боюнча чараларды, зарыл болгон учурларда аларды колдонуудан алып таштоо жана жоопкерчиликтүү сактоого өткөрүп берүү боюнча иш-чаралар менен кошо колдонууга милдеттүү.

*(КР 2011-жылдын 27-июнундагы № 58 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## VI бөлүм
## Корутунду жоболор

### 51-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши жөнүндө

1. Ушул Мыйзам жарык көргөн күндөн тартып колдонууга киргизилсин.

2. Ушул Мыйзам автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин жаратуу, ошондой эле пайдалануу боюнча ал күчүнө киргенден кийинки мамилелерге карата колдонулат.

3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ушул Мыйзам менен ылайык келтирилгенге чейин Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларынын ушул Мыйзамга карама-каршы келбеген бөлүктөрү колдонула берет.

4. Мурда автордук укук менен корголбогон чыгармаларга жана чектеш укуктардын объектилерине карата ушул Мыйзамдын күчү алар мыйзамдуу жарык көргөн күндөн тартып 50 жыл өткөнгө чейин калган же эгерде алар жарык көрө элек болсо алар жаралган күндөн тартып 50 жыл өткөнгө чейин калган мөөнөттө колдонулат.

5. Ушул Мыйзамдын 27-статьясында каралган авторлордун укугун коргоо мөөнөтү ушул Мыйзам жарык көргөнгө чейин автордук укуктун мөөнөтү бүтө элек чыгармаларга карата колдонулат.

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Мыйзам жарык көргөндөн тартып үч айлык мөөнөттө:

- мыйзамдарды ушул Мыйзамга ылайык келтирүү тууралу сунуштарды даярдасын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын министрликтери жана административдик мекемелери тарабынан чыгарылган ченемдик актыларды ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

*(КР 2014-жылдын 21-январындагы № 14 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **А.Акаев**